# ЖЫЛДЫК БАЯНДАМА

## Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун 2024-жылдагы

**Бишкек – 2025-ж.**

## КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| ИИМ ИА | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Ички аскерлери |
| ЖС | Кыргыз Республикасынын Жогорку соту |
| УКМК | Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети |
| БП | Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы |
| УКЖ | Убактылуу кармоо жайы |
| ТК | Түзөтүү колониясы |
| АУКК | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Адам укуктары боюнча координациялык кеңеш |
| ИИМ | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги |
| ССМ | Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги |
| ББИМ | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| КМ | Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги |
| ЭСКММ | Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги |
| ӨКМ | Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги |
| ЮМ | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги |
| КАУБ | Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борбору |
| ЕККУ ПК | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун Бишкектеги Программалык кеңсеси |
| ИИБ | Ички иштер бөлүмү |
| БУУ | Бириккен Улуттар Уюму |
| УКМК ЧАК | Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы |
| ИИМ ИИК | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Ички иликтөө кызматы |
| ТА | Тергөө абагы |
| ЖАК | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматы |
| ККК | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Кайтаруу жана конвой менен коштоп жүрүү кызматы |
| ССМ | Социалдык стационардык мекемелер |
| Стамбул протоколу | Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазалоонун түрлөрүн натыйжалуу териштирүү жана документтештирүү боюнча колдонмо |
| ЮЖК | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматы |
| ИИББ | Ички иштер башкы башкармалыгы |
| КИБЖКБ | БУУнун Качкындар иштери боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы |
| АУБЖКБ | БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы |
| ЖАК | Кыргыз Республикасынын Жаза-аткаруу кодекси |
| ЖАТ | Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу тутуму |
| КЖК | Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси |
| КЖПК | Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси |

**МАЗМУНУ**

**КИРИШ ____ 4**

**1-БӨЛҮК. УЛУТТУК БОРБОРДУН 2024-ЖЫЛДАГЫ ИШМЕРДИГИ**

1.1. Статистикалык жалпы маалыматтар ____ **5**
1.2. Агартуу иштери. Мамлекеттик органдар жана эл аралык уюмдар менен өз ара иш-аракет жүргүзүү ____ **9**

**2-БӨЛҮК. КЫЙНООЛОРДОН ЖАНА БАШКА КАТААЛ, АДАМГЕРЧИЛИКСИЗ ЖЕ КАДЫР-БАРКТЫ БАСМЫРЛАГАН МАМИЛЕНИН ЖАНА ЖАЗАЛООНУН ТҮРЛӨРҮНӨН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУНУН САКТАЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ БАЯНДАМА**

2.1. Кыйноолордон жана катаал мамиледен эркин болуу укугунун сакталышы ____ **16**
2.2. Эркинен ажыратуу жана чектөө жайларында кармоо шарттары ____ **28**

- Убактылуу кармоо жайлары ____ **29**
- Камакка алынган адамдарды кармоо үчүн нөөмөт бөлүмдөрдүн алдындагы бөлмөлөр ____ **33**
- Тергөө абактары жана түзөтүү мекемелери ____ **36**
- Айыптык изоляторлору ____ **42**
- Кармоонун катуу шарттары ____ **44**
- УКМКнын тергөө абагы ____ **44**
- Гауптвахталар ____ **45**
- Мөөнөттүү аскердик кызматтагы жоокерлердин укуктарын камсыз кылуу ____ **47**
- Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин карамагындагы мекемелер ____ **48**
- Саламаттык сактоо министрлигинин карамагындагы мекемелер ____ **51**
- Билим берүү жана илим министрлигинин карамагындагы мекемелер ____ **54**

**3-БӨЛҮК. КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР**

3.1. Бөгөт коюу чарасын тандоо ____ **57**
3.2. Кармоо учурунда күч колдонуунун ченемдиги ____ **58**
3.3. Жабык мекемелердеги коопсуздук ____ **59**
3.4. Жабык мекемелерде чет өлкөлүк жарандардын болуусу ____ **60**

**КАУБ ИШМЕРДИГИНЕ ТЕРС ТААСИР ТИЙГИЗГЕН ЖАГДАЙЛАР ____ 62**

**СУНУШТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫ ____ 63**

**КОРУТУНДУ ЖАНА СУНУШТАР ____ 64**

**ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ ____ 68**

## КИРИШ

Кыргыз Республикасы Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле же жазалоонун алдын алуу боюнча конвенцияны жана ушул Конвенцияга карата  Факультативдик протоколду камтыган адам укуктары боюнча бир катар эл аралык келишимдерди тастыктаган. Факультативдик протокол боюнча алынган милдеттенмелердин алкагында 2012-жылы адамдын кыйноолордон эркин болуу укугун коргоо чөйрөсүндөгү өз алдынча мамлекеттик орган катары алдын ала чара көрүүчү улуттук алдын алуу механизми болгон Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле же жазалоо түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбор (мындан ары – Улуттук борбор, КАУБ) түзүлгөн.

Улуттук борбордун ишмердигинин негизги максаттары болуп, эркинен ажыратуу жана чектөө жайларында кыйноолорду колдонуунун системалык себептерин ачып көрсөтүү, ал жерде кармоо шарттарына байкоо жүргүзүү, ошондой эле камакта кармалып жаткан адамдардын укуктарын сактоодо көмөк көрсөтүү болуп саналат; Улуттук борбор бул максаттарга аталган жайларга байкоо жүргүзүү үчүн үзгүлтүксүз барып туруу, мамлекеттик органдарга сунуштарды даярдап берүү, кыйноолорду жана катаал мамилени колдонууга алып келүүчү себептерди жана шарттарды четтетүүгө багытталган агартуучулук жана билим берүүчүлүк иш чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, ошондой эле коомчулукту кыйноолор жана катаал мамиле жөнүндө кабардар кылып, аларга карата коомдо келишпес мамилени калыптандыруу, аларга каршы күрөш жүргүзүүнүн маанисин түшүндүрүү аркылуу жетишет.

Кыргыз Республикасынын «Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борбору жөнүндө» Мыйзамынын (мындан ары – Улуттук борбор жөнүндө Мыйзам) 15-беренесинин жана  «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Мыйзамынын 130-беренесинин 3-пунктунун талаптарына ылайык, Улуттук борбор жыл сайын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине өзүнүн өткөн жылдагы иши жөнүндө баяндама берет.

Жылдык баяндама Улуттук борбордун иш тажрыйбасына, мамлекеттик органдардын расмий маалыматтарына жана талдоо материалдарына негизделген. Ал өлкөнүн эркинен ажыратуу жана чектөө жайларындагы кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазалоонун түрлөрүнө байланышкан кырдаалга карата жалпы баяндаманы, адамдын кыйноолордон эркин болуу укугун камсыз кылуу жаатында мамлекет көрүп жаткан чаралар жөнүндөгү маалыматты камтыйт да, ошондой эле Улуттук борбордун жана эл аралык уюмдардын сунуштарын аткаруу деңгээлин чагылдырат. Жылдык баяндамада Улуттук борбор жөнүндөгү Мыйзамдын жоболорунун айрым мамлекеттик органдар тарабынан бузулушу ачык көрсөтүлгөн, Улуттук борбордун мандатын жүзөгө ашырууда пайда болгон мүчүлүштүктөр баяндалган.

Жылдык баяндама үч бөлүктөн турат.

1-бөлүктө статистикалык маалымат, Улуттук борбордун агартуучулук жана билим берүүчүлүк ишмердиги, ошондой эле мамлекеттик органдар жана эл аралык уюмдар менен жүргүзүлүп жаткан өз ара иш-аракеттениши жөнүндө маалымат келтирилген.

2-бөлүктө эркинен ажыратуу жана чектөө жайларындагыларды кармоо шарттарын талдоону кошо алганда, кыйноолордон жана катаал мамиледен эркин болуу укугун сактоого баа берилген.

3-бөлүктө кыйноолорду жана катаал мамилени колдонууга түрткү берген негизги көйгөйлүү маселелер каралган.

Ошондой эле БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин жана Улуттук борбордун сунуштарын аткаруу көрсөтүлгөн, мамлекеттик органдарга жаңы сунуштар берилип, 2024-жылдын каржылоо боюнча маалыматы берилген.

## 1-БӨЛҮК. УЛУТТУК БОРБОРДУН 2024-ЖЫЛДАГЫ ИШМЕРДИГИ

### СТАТИСТИКАЛЫК ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

2024-жылы Улуттук борбор тарабынан эркинен ажыратуу жана чектөө жайларына 906 жолу алдын ала баруулар жүгүзүлгөн: алардын ичинен: атайын – 854, ар тараптуу – 28, орто аралык - 24. Мекемелердин көпчүлүгү Чүй облусунда жайгашкандыгына байланыштуу, баруулардын негизги саны ушул аймакта жүгүзүлгөн.

№1-диаграмма. Облустар боюнча баруулардын саны




Улуттук борбордун мандатына кирген мекемелердин көпчүлүгү ИИМнин жана ЖАКнын карамагында болгондуктан, ал мекемелерге көбүрөөк баруулар жүгүзүлөт.

№2-диаграмма. Ведомстволор боюнча баруулардын саны




Маалыматтын негизги булагы болуп жеке маектер саналат, алардын жүрүшүндө анкеталар, сурап-билүү баракчалары жана байкоо жүргүзүү карталары толтурулат. 2024-жылы артыкчылык социалдык мекемелерге коюлгандыктан, жекече маектешүүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү ББИМ, ССМ, ошондой эле ЭСКММ карамагындагы мекемелерде өткөрүлгөн.

№3-диаграмма. Ведомстволор боюнча толтурулган анкеталардын саны (сурап-билүү баракчалары, байкоо жүргүзүү карталары)




2024-жылы Улуттук борбордун дарегине 237 арыз келип түшкөн, алардын ичинен 72 кыйноолорго, 76 катаал мамилеге, 29 кармоо шарттарына байланыштуу болгон, ал эми 60 арыз Улуттук борбордун мандатына жатпаган ар кандай маселелер боюнча келип түшкөн.

№4-диаграмма. Облустар боюнча кыйноолор, катаал мамиле жана кармоо шарттары жөнүндө арыздардын саны



№5-диаграмма. Ведомстволор боюнча кыйноолор, катаал мамиле жана кармоо шарттарына байланыштуу арыздар




№6-диаграмма. Маалымат булактары




Жабык жана жарым-жартылай жабык мекемелерине алдын ала баруулардын жүрүшүндө, улуттук мыйзамдардын ченемдеринде көрсөтүлгөн, адамкерчилик мамиле кылуунун эрежелерин, кармоо шарттарын бузуу учурлары боюнча Улуттук борбор актыларды түзүп, мыйзамдарды бузуунун кесепеттерин жоюу жана күнөөлүүлөрдү жоопко тартуу максатында тийиштүү мамлекеттик органдарга жиберет.

№7-диаграмма. Ведомстволор боюнча түзүлгөн актылардын саны



№8-диаграмма. Орчундуу укук бузуулар боюнча түзүлгөн актылар




Жалпы 2024-жылдын ичинде Улуттук борбор тарабынан укук бузуулар жөнүндө 85 акт түзүлгөн. Аларды кароонун натыйжасында төмөнкүдөй чечимдер кабыл алынган:

- тартип чарасын көрүү иретинде 2 акт боюнча 2 кызматкерге «кемчилдигин көрсөтүү» чарасы колдонулган, 11 акт боюнча 16 кызматкерлерге «эскертүү», 12 акт боюнча 28 кызматкерлерге «сөгүш», 3 акт боюнча 4 кызматкерлерге «катуу сөгүш» берилген;
- 3 акт боюнча 3 кызматкер кызматынан төмөндөтүлгөн;
- 4 акт боюнча 7 кызматкерлер өз ыктыяры боюнча ээлеген кызматтарынан бошотулган.

Баса белгилеп кетчүү жагдай, жылдан жылга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар аныкталган тартип бузууларга жоопкерчиликтүү мамиле жасоодо. Алсак, Улуттук борбор түзгөн 85 актыларды карап чыгуунун натыйжасында, 74 акт (87%) боюнча тийиштүү чаралар көрүлүп, 11 акт боюнча ар кайсы себептерден улам чаралар көрүлгөн эмес.

Улуттук борбордун ишмердигине тоскоолдук кылуу жана кийлигишүү жаатында бир нече жолу берилген сунуштарга карабастан, жыл ичинде 4 учур катталган. Алардын баары боюнча актылар түзүлүп, прокуратура органдарына жөнөтүлгөн.

1. УКМКнын текшерип-өткөрүү пунктунун (ТӨП) нөөмөт кызматкери Улуттук борбордун өкүлдөрүнө УКМКнын УКЖ/ТИЗО фотоаппарат алып өтүүгө уруксат бербей койгон. Бишкек гарнизонунун Аскер прокуратурасы тарабынан жүргүзүлгөн тергөөгө чейинки текшерүүнүн натыйжасы боюнча КЖПК 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, кылмыш ишин козгоодон баш тарткан.

2. ЖАКнын №25-мекемесинде постто турган К.А. КАУБ кызматкерлеринин жеке буюмдарын тинтип, алардагы фтотаппаратты алып койгон. Ишмердикке тоскоолдук кылуу фактысы боюнча кызматтык териштирүүнүн жыйынтыгы менен, мекеменин башчысынын орун басарына, нөөмөтчүнүн жардамчысына жана улук көзөмөлчүгө эскертүү түрүндө тартип чарасы колдонулган.

3. 2024-жылдын 07-мартында алдын алуу баруу учурунда Кочкор райондук ички иштер бөлүмүнүн нөөмөтчүсү жана башчысы КАУБ кызматкерлерине орой мамиле жасап, УКЖга киргизбей койгон. Текшерүүнүн жыйынтыгы менен ИИБ кызматкерлери Улуттук борбордун өкүлдөрүнө тоскоолдук жараткандыгы тастыкталган эмес.

4. 2024-жылдын 06-августунда КАУБ кызматкери Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмүнө барган учурда, анын жеке буюмдары текшерилген. Аталган факт боюнча акт түзүлүп, прокуратура органына жөнөтүлгөн. Текшерүүнүн жыйынтыгы менен ИИБ тиийштүү кызматкерине эскертүү берилген.

## АГАРТУУ ИШТЕРИ

Улуттук борбордун негизги максаттарынын бири – кыйноолорду жана катаал мамилени колдонууга алып келген себептерди жана шарттарды жоюуга багытталган агартуучулук жана билим берүүчүлүк иш чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу. 2024-жылы Улуттук борбор тарабынан лекцияларды, семинарларды, координациалык жолугушууларды, тегерек столдорду, көнүгүүлөр менен интеллектуалдык жарыштарды (викториналарды) камтыган 151 билим берүү-агартуу иш-чаралар өткөрүлгөн. Улуттук борбордун расмий интернет-сайтында жана социалдык баракчаларында 100дөн ашуун жарыялоолор даярдалган жана басылган.

Утурумдук негизде ИИМ, ЖАК тармактарынын угуучулары, жогорку окуу жайлардын студенттери жана кесипчилик-техникалык окуу жайлары менен мектептердин жогорку класстарынын окуучулары үчүн билим берүү-агартуу иш-чаралары жүргүзүлүп турат. Ошондой эле иш-чаралар ЖАТ, укук коргоо органдарынын, саламаттык сактоо жана социалдык мекемелердин кызматкерлери үчүн да өткөрүлөт. Аскердик жамааттарда тартипке дал келбеген мамилелердин алдын алуу максатында мөөнөттүү аскер кызматындагы жоокерлер менен жолугушуулар жана маектер уюштурулат.

Улуттук борбордун кызматкерлери эркинен ажыратуу жана чектөө жайларында адам укуктарынын сакталышы маселелери талкууланган ар кандай телекөрсөтүүлөргө жана радиоуктурууларга үзгүлтүксүз катышып турат.





№1,2 сүрөттөр. ИИМ РОБнун угуучулары үчүн лекциялар
№3 сүрөт. Мөөнөттүү кызмат жоокерлери үчүн лекциялар





№4,5,6 сүрөттөр. Медициналык жана социалдык стационардык мекемелердеги лекциялар






№7,8,9 сүрөттөр. Түз ободогу телекөрсөтүүлөргө катышуу

26-июнда белгилене турган Кыйноолордун курмандыктарын колдоо боюнча БУУ эл аралык күнүнүн алкагында, 2024-жылдын 3-26-июнь күндөрү коомдун көңүлүн кыйноолор жана катаал мамиле көйгөйүнө буруу максатында 40ка жакын ар кандай иш-чаралар жүзөгө ашырылган:

- жергиликтүү кеңештердин депутаттары жана прокуратуранын кызматкерлери менен биргеликте ИИМ, ЖАК, ЭСКММ мекемелерине баруулар жүргүзүлгөн;





№10 сүрөт. Бишкектеги «Үмүт үйү» ССМ
№11 сүрөт. Ош шаарындагы УКЖ
№12 сүрөт. 53-ТИЗО

- Кыргызстандагы кыйноолорго каршы Коалиция менен биргеликте Бишкек жана Жалал-Абад шаарларында акысыз юридикалык кеңеш берилген, Каракол шаарында квиз-викторина өткөрүлгөн.
- Баардык аймыктарда лекциялар, маалымат жолугушуулар, спорттук иш-чаралар жана медиапорталдарга чыгуулар өткөрүлдү.





№13 сүрөт. Акысыз юридикалык кеңештерди берүү
№14,15 сүрөттөр. Баткен облусундагы ИИББ, ЖАК окуу борборундагы жолугушуулар







№16,17 сүрөттөр. Нарын жана Таластагы мед.колледждердеги лекциялар
№18 сүрөт. Каракол шаарындагы квиз-викторина

- Аймактык ММКна маалымат берүү.









№19,20,21 сүрөттөр. Жергиликтүү телеканалдарга маалымат берүү

2024-жылдын июнь-июль айларында Улуттук борбор Женевадагы коопсуздук тармагын башкаруу боюнча борбору (DCAF) менен биргеликте Бишкек, Жалал-Абад жана Балыкчы шаарларында Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн түзүмдөрүнүн (КМ, УКМК ЧАК, ИИМ ИА, Аскер прокуратура, ӨКМ) өкүлдөрү үчүн «Куралдуу Күчтөрүндө адам укуктарын бекемдөө» темасында семинарлар түрмөгүн өткөргөн. Семинарлардын жүрүшүндө аскер кызматкерлеринин укуктарына, Куралдуу Күчтөрдө гендердик теңдикти илгерилетүү, ошондой эле даттанууларды берүүнүн жана маалымдоонун жол-жоболоруна байланышкан маселелер талкууланган.









№22,23,24,25 сүрөттөр. Куралдуу Күчтөрдүн өкүлдөрү үчүн семинарлардын түрмөгү

2024-жылдын 19-21-июнь күндөрү ЕККУ ПК колдоосу менен Бишкек шаары, Чүй, Ысык-Көл, Талас жана Нарын облустарынын, 26-28-июнунда Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын УКЖнын кызматкерлери үчүн, Улуттук борбордун

мандаты, камакка алынгандарга мамиле кылуунун жана аларды камакта кармоонун эл аралык жана улуттук талаптары менен тааныштыруу максаттарында «Кыргыз Республикасынын ИИМ мекемелеринде камакта кармоодогу мамиле кылуунун минималдык талаптары жана анда кармоо шарттарына байкоо жүргүзүү» темасында тренинг өткөрүлгөн.





№26,27,28 сүрөттөр. УКЖ кызматкерлери үчүн тренингдер

Европа биримдигинин колдоосунда «Voice of Freedom» коомдук фонду жана «Акыйкат кареги» улуттук тармагы менен «Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу тутумунун эл аралык талаптарга ылайыктуулугун баалоо жана байкоо жүргүзүү» темасында изилдөө өткөрүлгөн. 2024-жылдын 25-июнунда Кыйноолордун курмандыктарын колдоо боюнча эл аралык күнүнө карата «Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу тутумунун мекемелеринде камакта кармоонун гумандуу шарттардын укуктук кепилдиктерин камсыз кылуу» деген темада тегерек стол уюштурулган. Иш-чаранын алкагында «Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу тутумунун эл аралык талаптарга ылайыктуулугун баалоо жана байкоо жүргүзүү» деп аталган изилдөө документинин бет ачаары жана талкуусу болду.






№29,30,31,32 сүрөттөр. Кыйноолор курмандыктарын колдоонун эл аралык күнүнө карата тегерек стол

2024-жылдын 9-августунда Нельсон Мандела эл аралык күнүнө карата БУУнун Баңги заттарга жана кылмышкердикке каршы башкармалыгы менен бирге мамлекеттик органдардын (6 топ – БП, ИИМ, ССМ, ЖАК, ККК, ПД) өкүлдөрү катышкан викторина болуп өттү, аталган топтор ал жарышта билимдин бийик деңгээлин, иш билгилигин жана демилгесин көрсөтө алды. Бул интеллектуалдык жарыш адам укуктары, эркиндик жана теңдик үчүн күрөштө Нельсон Манделанын мурасы канчалык мааниге ээ экендигин көбүрөөк билүүгө багытталган.






№33,34,35 сүрөттөр. Нельсон Манделанын эл аралык күнүнө карата викторинасы

БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин сунуштарын натыйжалуу жана өз убагында жүзөгө ашыруу максатында Улуттук борбор, ЖС, УКМК, БП, ИИМ, ССМ, ЭСКММ, ЖАК, ККК, ЮЖК, Акыйкатчы жана Адвокатура өкүлдөрү кирген мекемелер аралык жумушчу топ (МАЖТ) түзүлгөн.

2024-жылдын 29-август жана 4-6 ноябрында БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын, ЕККУ ПК, «Адам укуктары боюнча эл аралык өнөктөштүк» (IPHR) жана «Юристтер адам укуктары үчүн» коомдук фондунун колдоосунда Улуттук борбордун сунуштары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2024-жылдын 22-майындагы №2080-VII токтомун жана БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин сунуштамалары боюнча 2024-2025-жылдарына карата иш-чаралар планын жүзөгө ашыруу алкагында МАЖТ өкүлдөрүнүн координациялык жолугушуулары өткөрүлгөн.






№36,37,38,39 сүрөттөр. МАЖТ жумуш жолугушуулары

2024-жылдын 16-октябрында КИБЖКБ өкүлчүлүгү менен биргелешип бир катар министрликтердин жана ведомстволордун (БП, УКМК, УКМУ ЧАК, ИИМ, ЖС, ЮМ, ЖАК, ЭСКММ, ТИМ, Акыйкатчы, Адвокатура) өкүлдөрү үчүн «Кай бир кишилерге, алардын ичинде баш паанек издеп жаткандарга карата, өткөрүп берүүнү сураган мамлекеттерге чыгарып жиберүүдө кыйноолорду жана катаал мамиле колдонулушу тобокелдигине баа берүү боюнча нускама» аттуу иш-чарасы өткөрүлгөн.






№40,41,42 сүрөттөр. «Нускаманын» бет ачаары

Адам укуктарынын жалпы декларациясы кабыл алынган күнгө карата 2024-жылдын декабрында «Адам укуктарынын декадасы» аттуу маалыматтык өнөктүк уюштурулуп, анын алкагында 22 билим берүү-агартуу иш-чаралар өткөрүлгөн. Айрыкча,

окуу борборлорунда, жогорку окуу жайлар менен коллеждерде лекциялар жана жолугушуулар болуп өттү; мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, Чүйдөгү жатак мектептин жана педагогикалык колледжин студенттери квиз-викториналарда таймашты; радио жана телевидение аркылуу аудиторияга чыгуу уюштурулуп, ошондой эле газета-журналдарда макалалар жарыяланды.









№43,44,45,46,47,48 сүрөттөр. Адам укуктарынын декадасы

Германия Федерациялык Республикасынын, Улуу Британиянын, Америка Кошмо Штаттарынын жана Россия Федерациясынын Кыргызстандагы атайын жана ыйгарым укуктуу элчилери болгон Г.Геллил, Н.Боулер, Л.Вигери жана С.Вакунов менен расмий жолугушуулар өткөрүлдү.

Ошондой эле БУУнун Кыргыз Республикасындагы тутумунун туруктуу координатору А.Граве, БУУнун майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча атайын баяндамачысы Х.Хаграсс, ЕККУнун ПКнын башчысы-элчи А.Рогов менен жолугушуулар болуп өттү.





Фото №49,50,51. Элчилер менен жолугушуу






№52 сүрөт. Х.Хаграсс менен жолугушуу
№53 сүрөт. А.Граве менен жолугушуу
№54 сүрөт. А.Рогов менен жолугушуу

Жыл ичинде Улуттук борбордун кызматкерлери иш-чараларга, расмий жолугушууларга, пикир алмашууларга, аймактык жана эл аралык деңгээлдердеги радио- жана телепрограммаларга катышып, анда эң орчундуу темалардагы маселелерди, олуттуу көйгөйлөрдү талкуулашып, аларды натыйжалуу чечүүнүн жолдорун да боолголошту.





№55 сүрөт. Ала-Тоо LIVE программасында
№56 сүрөт. Борбор Азия өлкөлөрү үчүн кылмыш-жаза сот адилеттиги боюнча эксперттик IX-форум, Астана, Казакстан.





№57 сүрөт. АУКК жыйыны
№58 сүрөт. «Куралдуу Күчтөрдөгү адам укуктары жана дезинформация» конференциясы, Гдыня, Польша

ЕККУ ПКнын колдоосу менен, Кыргызстанда кыйноолорго каршы Коалициянын өнөктөштүгүндө «Ички иштер органдарынын убактылуу кармоо жайларында кылмышка шектүүлөрдү жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоо шарттарынын атласы» аттуу байкоо жүргүзүү улантылган[1].

Кылмыш процессинде адам укуктарын коргоо боюнча «Article-9» бирикмеси менен биргеликте адам укуктары жаатында орчундуу, коом үчүн маанилүү болгон темаларда атайын үч репортаж даярдалган.

1. «Негизсиз чара»;[2]
2. «Погондор же ак халат?»;[3]
3. «Фактыларды жашыруу же кесипке жараксыздык?»;[4]

4. «Фактыларды жашыруу же кесипке жараксыздык?» атайын репортажга карата «Кармалган кишини КР ИИБ УКЖна киргизип жатканда медициналык кароо үлгүсүн толтуруунун тартиби жөнүндө нускама» анимациялык тасма[5].

## 2-БӨЛҮК. КЫЙНООЛОРДОН ЖАНА БАШКА КАТААЛ, АДАМГЕРЧИЛИКСИЗ ЖЕ КАДЫР-БАРКТЫ БАСМЫРЛАГАН МАМИЛЕНИН ЖАНА ЖАЗАЛООНУН ТҮРЛӨРҮНӨН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУНУН САКТАЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ БАЯНДАМА

### 2.1. Кыйноолордон жана катаал мамиледен эркин болуу укугунун сакталышы

Кыйноолордон жана катаал мамиледен эркин болуу укугу адамдын эл аралык жана улуттук укуктук актыларда бекитилген бирден-бир пайдубалдуу укуктарынан болуп саналат. Кыргыз Республикасы суверендүү мамлекет жана эл аралык мамилелердин толук кандуу катышуучусу катары кыйноолорго толук бойдон тыюу салып, аларга каршы күрөш жүргүзүүнүн тийиштүү саясатын жүзөгө ашыруу боюнча өзүнө эл аралык милдеттенмелерди алган. Бирок ушул учурда кыйноолор менен катаал, ырайымсыз мамиле өлкөдө дале болсо эң орчундуу көйгөйлөрдүн бири.

Соңку жылдары Кыргыз Республикасында кыйноолорго жана катаал, ырайымсыз мамилеге каршы белгилүү чаралар көрүлүп, алардын ичинде кылмыш-жаза мыйзамдары кайра түзүлгөн жана эркинен ажыратуу жана чектөө жайларында кармоо шарттары жакшыртылган.

Алсак, 2024-жылы Улуттук борборго кыйноолор жөнүндө - 72, катаал мамиле тууралуу - 76 арыз келип түшкөн. Кыйноолор жөнүндө арыздардын 90% кылмыш иштерин козгоодон баш тартылган.

№9-диаграмма. Кыйноолор жөнүндөгү арыздарды кароонун жыйынтыктары




№10-диаграмма. Катаал мамиле жөнүндөгү арыздарды кароонун жыйынтыктары



Укук коргоо органдарынын кызмат адамдары тарабынан кыйноолорду колдонуунун негизги максаттары катары күнөөнү мойнуна алдыруу (48 учур), жазалоо (18 учур), опузалап акча өндүрүү (6 учур)  болуп саналат.

№11-диаграмма. Кыйноолорду колдонуунун негизги ыкмалары




Башкы прокуратуранын 2024-жылдагы статистикасына ылайык, жалпысынан өлкө боюнча кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазалоонун түрлөрүнүн 151 учуру катталган, алардын ичинен 2 учур боюнча кылмыш иштери козголгон, 143 материалдар боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартуу чечимдери кабыл алынган жана 6 материал ушул тапта каралып жатат.[6]

«Стамбул протоколунун» принциптерине ылайык түзүлгөн медициналык корутундулар, кыйноолордун издери сүрөткө тартып алынгандыгына, күбөлөрдүн учурларда кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом кабыл алынат. Мындан тышкары, кыйноо фактыларынын териштирүүдөн баш тартуусу, козголгон иштеринин көпчүлүгү кыскартылгандыгы же актоо өкүмү менен аяктагандыгы менен татаалдашууда.

Акыркы он жылдын ичинде бир да кызмат адамы кыйноолорду колдонгондугу үчүн соттолгон эмес.[7] Жогорку соттун статистикасына ылайык, 2024-жылы биринчи инстанциядагы сотторго КЖК 143-беренеси боюнча (2017-ж.02.02-редакциясында, №19) бир гана кылмыш иши келип түшкөн, жыйынтыгында «кылмыштын курамы жоктугуна» байланыштуу  беш кишиге карата актоо өкүмү чыгарылган.[8]

Төмөндө кыйноолорду жана катаал, адамкерчиликсиз мамиле колдонуунун Улуттук борбордун тажрыйбасынан алынган мисалдар келтирилген.

---

2024-жылдын 10-декабрында Бишкек шаарынын ИИББ УКЖна баруу учурунда кармалган Э.К. арыз менен кайрылган. Э.Кнын айтуусу боюнча, аны 06.12.2024-ж., Биринчи май РИИБдин кызматкерлери кармашкан. Кызматкер менен сүйлөшүп, тамекини күйгүзүп жаткан учурда кызматкер бетине аэрозоль чачып жиберип, натыйжада Э.Кнын бети күйүп калган. Аны кызматкерлер шаардык ооруканага жеткиришип, коркутуп, дарыгерге тандыр мешинин отуна бетин күйгүзүп алганын айтууга мажбурлашкан.

Чогулган материалдар прокуратура органдарына жиберилген.

---

аш прокуратуранын жообу, чыг..№25/150-08-3-08-04-00029, 2025-ж.16.01
Жогорку соттун жообу, чыг.№01-22/2988, 2023-ж. 28.12
Жогорку соттун жообу, чыг.№01-22/209, 2025-ж. 06.02




№59,60 сүрөттөр. Э.К. денесине келтирилген жаракат

2024-жылдын 6-июнунда бир нече уурулукка шектелген Ш.А. Базар-Коргон районунун ИИБне сүйлөшүүгө чакырылып, милиция кызматкерлери тарабынан күнөөнү мойнуна алдыруу максатында колу-буттары менен сабашып, башына желим баштык кийгизип, союл менен зордуктайбыз деп коркутушкан. Психологиялык кысым көрсөтүү үчүн кызматкерлер кармалган Ш.Анын бир тууган инисин бөлүмгө алып келип, анын көзүнчө ур-токмокко алышкан. Адвокатты камсыз кылуудан баш тартышкан.

Күнөнүү моюнга алгандан кийин Ш.Аны жана анын бир тууганын бошотушкан. Медициналык жардам алуу максатында Ш.А. Жалал-Абад облустук ооруканасына кайрылган, ал жерде медициналык кызматкер тарабынан зомбулук, кыйноо жана катаал мамиле жасоо боюнча медициналык кароо формасы боюнча Ш.А., денесинен жаракат алган учурлар катталган (Стамбул протоколу). Чогулган материалдар прокуратура органдарына жиберилип, текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.





№61,62,63 сүрөттөр. Ш.А. денесине келтирилген жаракат

ЖАКнын №21-мекемесине алдын ала барууда Улуттук борбордун кызматкерлери М.М., Б.Т., А.М., К.А. аттуу жарандардан жамааттык арыз, ошондой эле М.М., Б.Т. аттуу жарандардан жеке арыздарды алышкан.

Арыздарга ылайык, 2024-жылдын 9-ноябрдан 10-ноябрга караган түнү ИИМ кылмышкерлерди издөө боюнча башкы башкармалыгынын кызматкерлери күнөөнү моюнга алдыруу максатында ур-токмокко алышкан. Кармалгандардын абалы начарлап, эсин жоготуп койгондугуна карабастан, аларга медициналык жардам көрсөтүлгөн эмес. Алардын баары кишенделген абалда, адвокаттын катышуусу жок, күбө катары суракка алынган.

Зордук-зомбулукту, кыйноолорду жана катаал, ырайымсыз мамиле колдонулган боюнча медициналык кароо формалары (Стамбул протоколу) толтурулган. Топтолгон материалдар Башкы прокуратурага жөнөтүлүп, текшерүүнүн жыйынтыгы менен КЖПК

27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2,3-пункттарына ылайык, кылмыш ишин козгоодон баш тартылган. [9]



№64,65 сүрөттөр. Кармалгандардын денесине келтирилген жаракат

2024-жылдын 9-январында Улуттук борбордун кызматкерлери Сузак РИИБ УКЖна барышкан. Баруу учурунда аныкталгандай, Ош шаарындагы ТИЗОдон келген жети соттолуучуну милиция кызматкерлери жазалоо максатында ур-токмокко алышып, медициналык жардам көрсөтүүдөн баш тартышкан.

Топтолгон материалдар Жалал-Абад облустук прокуратурасына жиберилип, текшерүүнүн жыйынтыгы менен КЖПК 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.[10]

Улуттук борбордун түз байланыш телефонуна УКМК кызматкерлери тарабынан ТИЗО-1 кармалган Б.А. карата кыйноо колдонулдагы жөнүндө маалымат келип түшкөн.

2024-жылдын 20-майында Улуттук борбордун өкүлдөрү Б.А. денесине көптөгөн жаракат келтирелгендигин байкашкан. Анын арызына ылайык, 2024-жылдын 17-майында, ага мойнуна күнөөнү коюу максатында УКМК кызматкерлери суу болгон денесинен электр тогун өткөрүп, уруп-сабаган.

Денесиндеги жаракаттар боюнча акты түзүлүп, топтолгон материалдар Аскер прокуратурага жиберилген. Жыйынтыгы боюнча КЖПК 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, кылмыш ишин козгоодон баш тартылган. [11]



№66,67,68 сүрөттөр. Б.А. денесине келтирилген жаракат

2024-жылдын 18-июнунда Улуттук борборго Ж.А. жолдошу А.А. кызыкчылыгын коргоп арыз менен кайрылган. Арызында УКМК Ош облустук кызматкерлери башкармалыктын жер төлөсүндө А.Аны катуу ур-токмокко алышып, башына желим баштык кийгизип кыйнашып, тийиштүү документтерге кол коюуга мажбурлашкан.

Аскер прокуратуранын жообу, чыг..№24/800-65-4381-00794, 2024-ж.28.12

[10] жалал-Абад облусу боюнча УКМК ББ жообу, чыг.№04-15/4149 от 09.04.2024г.

Бишкек гарнизонунун Аскер прокуратурасынын жообу, чыг.№24/801-07-10-01257, 2024-ж.18.07

2024-жылдын 20-июнунда даттануу Аскер прокуратурага жөнөтүлгөн. Аны текшерүүнүн натыйжасында КЖПК 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.[12]



№69,70 сүрөттөр. А.А. денесине келтирилген жаракат

Улуттук борборго арыз менен Ц.И. аттуу жаран кайрылган. Арызга ылайык, аны 2024-жылдын 13-ноябры түнү УКМКнын Бишкек шаардык башкармалыгынын кызматкерлери күнөөнү моюнга алдыруу үчүн сабап, электрошокер колдонушкан. Кыйноолорго дуушар болгон арыз ээси окуядан кийин медициналык жардам алуу үчүн Саламаттык сактоо министрлигинин Улуттук госпиталына кайрылып, дарылоо үчүн жаткырылган. Медициналык корутундуга ылайык, Ц.И. баш сөөгүнөн жабык жаракат алган, мээси чайкалган, желкесинде жана көкүрөгүндө ур-токмокко алынган көгөргөн издер калган.

Топтолгон материалдар Аскер прокуратурасына жиберилип, 2024-жылдын 24-декабрында берген жообуна ылайык, аталган арыз тергөөгө чейинки текшерүүнүн материалдарына тиркелген.[13]



№71,72,73 сүрөттөр. Ц.И. денесине келтирилген жаракат

2024-жылдын 20-июнунда адвокат, анын жактоосундагы А.Ф. аттуу жаранга карата ЖАК №25-мекемесинин (ТИЗО-5) кызматкерлери тарабынан кыйноолор колдонулгандыгын билдирген. Аталган мекемеге барып, А.Ф. менен жолугушууда ал арыз менен кайрылган, арызында 2024-жылдын 11-июнунда тинтүү учурунда аны менен кызматкерлердин ортосунда мамиле келишпестик чыга келген. Кызматкерлер аны камерадан чыгарып алып, сабашкан, андан кийин аны 5 суткага айыптык изоляторуна камап салган, денесин кароодо санында канталап көгөргөн тактар байкалган.

Топтолгон материалдар Жазык-аткаруу тутумунун органдарында жана мекемелеринде мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө прокуратурасына жөнөтүлгөн. Текшерүүнүн жыйынтыгы менен КЖПК 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.[14]

Ош гарнизонунун Аскер прокуратурасынын жообу, чыг.№5-69-25, 2025-ж.17.01
Бишкек гарнизонунун Аскердик прокуратурасынын жообу, чыг.24/80807-8-02445, 2024-ж.24.12

 

№74, 75 сүрөттөр. А.Ф. денесине келтирилген жаракат

2024-жылдын 26-декабрында Улуттук борбордун кызматкерлери ЖАК №21-мекемесинде (ТИЗО-1) кармалган Т.Д. аттуу жаранга барышкан. Андан алынган арызга ылайык, Т.Д. 2024-жылдын 20-декабрында мекеменин сейилдөө короосунда кызматкерлер тарабынан эч себепсиз резина таяк менен сабалып, үстүнкү кийимсиз 3-4 саат бою суукта эшикте калтырылган.

Т.Д. денесиндеги жаракаттар медициналык картасына катталбагандыгы аныкталып, ал боюнча акт түзүлгөн. Топтолгон материалдар Жазык-аткаруу тутумунун органдарында жана мекемелеринде мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө прокуратурасына жөнөтүлгөн.

  

№76,77,78 сүрөттөр. Т.Д. денесине келтирилген жаракат

2024-жылдын 20-декабрында Улуттук борбордун кызматкерлери тарабынан ЖАК №21-мекемесине (ТИЗО-1) баруу учурунда, ал жерде кармалган Р.А. мекеменин сейилдөө короосунда кызматкерлер тарабынан эч себепсиз резина таяк менен сабалып токмоктолгонун айтып кайрылган. Топтолгон материалдар Жазык-аткаруу тутумунун органдарында жана мекемелеринде мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө прокуратурасына жөнөтүлгөн.

  



№79,80,81,82,83 сүрөттөр. Р.А. денесине келтирилген жаракат

Дээрлик ар бир этапта кыйноолор боюнча иштерди соттук териштирүүгө алып келбеген тоскоолдуктар бар. Кыйноолор боюнча арыздар узак убакыт бою каралып, денедеги жаракаттардын издери жоголуп кеткен учурда, соттук экспертизалар өз убагында дайындалбаганы жана анын айынан көптөгөн учурларда далилдер жоголуп кеткендиги олуттуу көйгөй болуп саналат.

**Кыйноо фактыларын арыз берилген-берилбегендигине карабастан кароо.** Сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруучу органдар ар кандай жасалган же даярдалып жаткан кылмыш жөнүндө арызды же билдирүүнү кабыл алууга жана каттоого милдеттүү.[15] Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, кыйноолор оор кылмыш катары мүнөздөлөт[16] жана ачык айыптоо иштерине тиешелүү,[17] бул өз кезегинде, укук коргоо органдарын жабырлануучу арыз берген-бербегендигине карабастан териштирүүнү ыкчам жана калыс өткөрүүгө милдеттендирет.[18] Бирок иш жүзүндө кылмыш иштери жабырлануучунун арызы болбогондуктан козголбойт же андай арыз кайра чакыртып алынгандыктан кыскартылат, мунун өзү сот адилеттигинин принциптерин бузат жана күнөөлүүлөрдүн жазаланбай калынышына алып келиши мүмкүн.

Эсепке алына турган дагы бир жагдай, бул кыйноолордон жабыркап, арыздангандардын дээрлик баары эркинен ажыратуу жайларында кармалат, ушунун өзү болсо аларга карата жабык мекеменин кызматкерлери тарабынан өч алуу чаралар көрүлүшүнө алып келиши ыктымал.

Мында маанилүү болгон дагы бир маселе: кыйноолордон жабыркагандардын көпчүлүгү башка кылмыш иштери боюнча айыптуулар болуп саналат, ошондуктан аларга карата кыйноолорду колдонуунун максаты – коюп жаткан күнөөнү мойнуна алдыруу; алар айыпты мойнуна алса, тергөө органдары айыптоо актыларын бекитет да, кылмыш иштерин сотко жиберет. Эгерде кыйноо фактысы аныкталса, негизги ишти кыскартып же кайра кароого жөнөтүшү мүмкүн, бул тергөөчүнүн жана прокурордун жоопкерчилигине шек келтирет. Ушул себептен улам укук коргоо органдары мындай иштерди териштирүүдөн качышат.

Мындан тышкары, коркутуп-үркүтүү, таасир этүү, көз жазгыруу же коомчулуктун мурда жасаган кылмышы жөнүндө пикири иштин резонансын жаратат жана даттанууларды берүү жана кыйноо фактысы боюнча далилдерди чогултуу процессин татаалдаштырат, бул болсо кыйноолор боюнча кылмыш иштери талаптагыдай тергелээринин ыктымалдыгын төмөндөтөт.

КЖПК 147-беренеси
КЖПК 19-беренеси
КЖПК 24 -беренеси
КЖПК 25-беренеси

2024-жылдын 18-сентябрында ЖАК №53-мекемесине барган учурда Улуттук борбор тарабынан тергөөдө жүргөн Е.С. аттуу жаранга карата кыйноолор колдонулгандыгы аныкталган.

Жеке маектешүүнүн натыйжасында аныкталгандай, аталган жылдын 15-сентябрь күнү Е.С. аттуу жаран Ала-Бука РИИБ имаратында милиция кызматкерлери тарабынан ур-токмокко алынган. Зордук-зомбулук, кыйноолорду жана катаал, ырайымсыз мамиле колдонулушуна байланыштуу Улуттук борбор тарабынан медициналык кароо формасы (Стамбул протоколу) толтурулган.

Топтолгон материалдар прокуратура органдарына жөнөтүлгөн. Тергөөгө чейинки текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча КЖК 338-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту боюнча («Бийликтен аша чабуу») кылмыш иши козголгон.[19] 2024-жылдын 25-декабрында УКМК Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгы тарабынан кылмыш курамы жоктугуна байланыштуу кылмыш ишин кыскартуу жөнүндө токтом чыгарылган.



№84,85,86,87 сүрөттөр. Е.С. денесине келтирилген жаракат

Бишкек шаарынын ИИББ УКЖна барган учурда С.А., арыз менен кайрылып, арызында 12.09.2024-ж., Свердлов РИИБнин кызматкерлери тарабынан кармалып күнөөнү моюнга алдыруу максатында сабалган. Кызматкерлер аны колдоруна, башына, далысына жана жамбашына суу толтурулган желим бөтөлкө менен урушуп, тишин сындырышкан. Ооруканада медициналык текшерүү үстүртөн өтүп, дене жаракаттары катталган эмес.

Чогулган материалдар Бишкек шаарынын прокуратурасына жөнөтүлүп, бирок С.А. арызын кайтарып алганына байланыштуу кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.[20]



Фото №88,89. С.А. денесине келтирилген жаракат

Ала-Бука районунун прокуратурасынын жообу, чыг.№8/1-568-24, 2024-ж.28.10

Кылмыш ишин козгоодон баш тартуу токтому, 05.12.2024-ж.

**Тергөөгө чейинки текшерүүнүн толук эместиги**. Тергөөгө чейинки текшерүү сотко чейинки өндүрүштүн маанилүү тепкичи болуп саналат, жана анын сапаттуу жүргүзүлүшү кылмыш ишин козгоо жөнүндө чечим чыгарууга түздөн-түз таасир этет. Дал ушул тепкичте материалдарды толук эмес чогултуу кылмыш ишин козгоодон баш тартылышынын тобокелдигин олуттуу арттырат.

Мындагы башкы көйгөйлөрдүн бири – соттук экспертизаны өткөрүүнүн кечигүүсү денедеги жаракаттарынын далилдерин жок болушуна алып келет. 2024-жылы Улуттук борборго кыйноолор жөнүндө 72 арыз келип түшкөн да, алар прокуратура органдарына жөнөтүлгөн. Бирок, денеге зыян келтирүү учурлары сүрөткө тартылып, Стамбул протоколуна ылайык түзүлгөн медициналык корутундулардын жана күбөлөрдүн көрсөтүүлөрү болгондугуна карабастан, кылмыш иштери ошол бойдон козголгон эмес.

Кылмыш иштерди талдоо көрсөткөндөй, тергөөчүлөр, прокурорлор жана судьялар «ар кандай себептерден улам» «Кыйноолор» беренесинде каралган иш-аракеттерди көп учурларда ага «чектеш» турган «Ден соолукка залал келтирүү» (КЖК 138-беренеси), «Бийликтен аша чабуу» (КЖК 337-беренеси), «Кызмат абалын кыянаттык менен пайдалануу» (КЖК 338-беренеси), «Көрсөтмө берүүгө мажбурлоо» (КЖК 348-беренеси) сыяктуу беренелерди колдонушат.

Мындай мамиле тергөөнүн натыйжалуулугун төмөндөтөт жана күнөөлүүлөрдү жоопко тартууга тоскоолдук кылат. Тергөөнүн көз каранды эместигин өзгөчө бузуу, кыйноолорго байланыштуу даттанууларды арызданучуга каршы козголгон негизги кылмыш ишин ошол эле тергөөчү жүргүзгөн, же материалдар өз кызматкерлерин жактап-коргоого кызыкдар болгон мекемелерге (мисалы, ИИМ Ички иликтөөлөр кызматы) өткөрүп берилген учурларда келип чыгат. Мунун өзү текшерүүлөрдүү создуктуруу, экспертизаларды кечигүү менен дайындоого алып келет, булардын кесепетинде жаракат издери жок болуп, ушуга байланыштуу тергөө кыскартылат.

---

Алсак, 2024-жылдын 16-сентябрында Улуттук борбордун кызматкерлери Бишкек шаарындагы ИИББ УКЖна барышкан. Ал жердеги К.К. аттуу кармалган жаран билдиргендей, 2024-жылдын 14-сентябрында Свердлов районунун ИИБ кызматкерлери айыпты мойнуна алдыруу максатында башына желим баштык кийдирип кыйнашып сабашкан. Денесин кароодо кыйноолордун жана катаал мамиленин издерин документтештирүү акты түзүлгөн. Топтолгон материалдардын баары Бишкек шаарынын Свердлов районунун прокуратурасына жиберилген, ал болсо, өз кезегинде, текшерүү өткөрүүнү кайра эле үстүнөн даттануу түшкөн кызматкерлердин өзүнө тапшырган. Бул жагдай калыс иликтөөнү өткөрүү мүмкүнчүлүгүн дээрлик жокко чыгарат.

Жогоруда аталган арыздар менен прокуратурага А.У., М.С., П.Д. жана Т.С. аттуу жарандар кайрылышкан, бирок алардын кайрылууларын ИИМ ИИКна өткөрүп беришкен.




№90,91 сүрөттөр. К.К. денесине келтирилген жаракат

---

**Экспертизаны өз убагында дайындоо көйгөйлөрү.** Соттук-медициналык экспертиза кыйноолор колдонулгандыгын далилдөөнүн эң башкы ыкмаларынан болуп саналат, себеби ал денеге залал келтирүүнүн, ал качан келтирилгендигинин жана анын ыктымалдуу себептери жөнүндө калыс корутунду чыгарат. Кыйноолорду колдонуу жөнүндөгү кылмыш иштерди териштирүүдө тергөө учурунда гана эмес, сотто өкүм чыгаруу убактында дагы кылмыштын курамын аныктоо соттук-медициналык экспертизанын корутундусуна көз каранды. Кыйноолор тууралуу кылмыш иштеринде медициналык баа берүү иш жүзүндө кылмышка укуктук баа берүүнү күн мурун болжоп коёт.

Кыйноолорду жана катаал мамилени колдонуу жөнүндө арыз берилген учурда соттук-медициналык экспертиза 12 сааттын ичинде дайындалууга тийиш, жана жабырланган адам эксперт тарабынан каралып жатканда бул процесс сүрөткө же видеого тартылышы керек.[21] Бирок иш жүзүндө аталган экспертизаны дайындоо жана өткөрүү бир нече айга чейин создуктурулуп кетиши мүмкүн, бул жагдай болсо медициналык далилдердин биротоло жоголуп кетишине алып келет. Соттук-медициналык экспертиза кеч дайындалгандыктан эксперттер көп учурларда «Кароо учурунда денесинде көзгө көрүнгөн жаракаттар байкалган эмес» деген тыянак чыгарышат, ушунун өзү кылмыш ишин козгоодон баш тартуу үчүн негиз болуп эсептелет.

Соттук-медициналык экспертизанын кечигип дайындалгандыгынан тышкары, соттук эксперттердин медициналык күбөлөндүрүүгө формалдуу мамиле кылуусун баса белгилеп кетүү керек.

Ыкчам чара көрүлбөгөндүгү, соттук-медициналык экспертизалардын кечигип дайындалышы жана өткөрүлүшү, кылмыш ишин козгоодон баш тартылышы укук коргоо органдардын кыйноолорго байланыштуу ар тараптуу, толук жана калыс териштирүүгө кызыкдар эместигин көрсөтүп жатат.

---

2024-жылдын 11-июлунда Ысык-Көл РИИБ УКЖна барган учурда ал жерде кармалган К.Ч. Улуттук борбордун кызматкерлерине арыз менен кайрылып, аны аталган РИИБ кызматкерлери күнөөнү мойнуна алдыруу максатында кыйноого салганын билдирген. К.Ч. башы катуу ооруп жатканын айтып берген, анын көздөрүнүн тегерегинде жана денесинде көк-ала тактар бар болчу. Топтолгон материалдар прокуратурага жана УКМК Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлгөн. Соттук-медициналык экспертиза арыз берилген учурдан үч ай өткөндөн кийин гана дайындалган. Мында дагы «Кароо учурунда денесинде көзгө көрүнгөн жаракаттар байкалган эмес» деген тыянак чыгарылып, кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.

Ушуга байланыштуу Улуттук борбор Башкы прокуратурага кайрылып, кабыл алынган мындай чечимдин мыйзамдуу экендигин текшерүүнү өтүнгөн. 2024-жылдын 25-декабрында Ысык-Көл облусунун прокуратурасы Ысык-Көл райондук прокуратуранын кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү токтомун жокко чыгарган жана иштин материалдарын кошумча тергөө иш-чараларын өткөрүү үчүн жөнөткөн. 2024-жылдын 31-декабрында кошумча текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча кылмыш ишин козгоодон кайрадан баш тартылган.

[21] КЖПК 179-беренесинин 11-бөлүгү


№92,93,94 сүрөттөр. К.Ч. денесине келтирилген жаракат

---

**Кыйноолорду иликтөөдө Стамбул протоколун колдонуу**. Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазалоонун түрлөрүн натыйжалуу документтештирүү үчүн, Стамбул протоколуна ылайык, №003-3у зордук-зомбулук, кыйноолор жана катаал мамиле боюнча медициналык кароонун формасы толтурулат.

Стамбул протоколу 2014-жылдан баштап илгерилетилип келет, бирок ушул күнгө чейин аталган үлгү кыйноолор учурларын териштирүүдө толук кандуу эсепке алынбай жатат. Мисалы, 2024-жылы КАУБ эксперттери укук коргоо органдарына Стамбул протоколуна негизделген 11 корутундуну даярдаган жана жөнөткөн, бирок процесстик чечимдерди кабыл алууда алардын бири дагы тергөө органдары тарабынан эске алынган эмес.

Мындай абал Стамбул протоколу соттук-медициналык экспертиза жана кылмыш-жаза процессинин милдеттүү стандарттарына киргизилбестен, укуктук жактан бекитилбегендигине байланышкан, ал эми мындай жагдай укук коргоо органдарына улуттук усулдарды шылтоолоп, ушул документти барк албастан, тоотпос мамиле кылууга мүмкүнчүлүк берип келет. Эксперт Стамбул протоколу боюнча жабырлануучунун денесине зыян келтирилгенин ырастаган учурда дагы, сот далилдердин жетишсиздигин жүйө тутуп же жабырлануучунун көрсөтүүлөрүн шектүү деп таап, андай корутундуну эсепке албай коюшу ыктымал.

2024-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети зордук-зомбулукту, кыйноолорду жана катаал мамилени өз убагында жана натыйжалуу медициналык документтештирүү максаттарында медициналык кароону, соттук экспертизаларды өткөрүүнүн тартибин, ошондой эле зордук-зомбулуктун, кыйноолордун жана катаал мамиленин ыктымалдуу учурларын ачып көрсөтүү, каттоо жана алар жөнүндө маалымдоодо менчик түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдары менен укук коргоо органдарынын өз ара иш-аракеттенишинин бирдиктүү тартибин аныктаган “Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазалоонун түрлөрүн медициналык документтештирүүнүн эрежелерин бекиткен”.[22]

Стамбул протоколу үчүн аны кылмыш-жаза мыйзамдарында бекитүү талап кылынат.

---

2024-жылдын 17-сентябрында Улуттук борбордун кызматкерлери ЖАК №24-мекемесине (ТИЗО-4) барган учурда, аларга тергөөдө камалган эки жаран кайрылып, аларга карата Ак-Талаа РИИБ кызматкерлери кыйноолорду колдонгондугун айтып, арыз беришкен.

Арызга ылайык, күбө болгон Н.А. аттуу жаран жана анын аялынын бир тууганы Н.Б. кыйноолорго, ал эми анын аялы коркутууга жана моралдык опузалоого кабылышкан. Н.А. мойнуна күнөөнү алдыруу максатында РИИБ кызматкерлери анын бетине жана

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-ж.13.09 №562 токтому

көкүрөгүнө урушкан; колдорун арт жагына кайрып туруп, кур менен байлап, полго жаткырган; башына целлофан баштыкчаны кийгизген, аны биротоло жыланачтап, желим таяк менен зордуктайбыз деп, коркутушкан. Мындай кыйноолор 10 сааттан ашуун колдонулган, муну кесепетинен Н.А. денесинде кан шишиктер пайда болгон, анын үстүнкү тишин сындырышкан.

Зордук-зомбулук, кыйноолор жана катаал мамиле колдонулгандыгына байланыштуу Стамбул протоколунун принциптери боюнча медициналык кароонун формасы толтурулган. Материалдардын бардыгы УКМК Нарын облустук башкармалыгына жиберилген. Текшерүүнүн жыйынтыгында кылмыштын курамы болбогондуктан, КЖПК 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.

Мында баса белгилеп кетчү бир жагдай, ошондо толтурулган медициналык кароонун формасы Н.А. аттуу жарандын денесинде кыйноолордун издери бар экендигин ырастайт, бирок тергөөгө чейинки текшерүүнүн жүрүшүндө өткөрүлгөн соттук-медициналык экспертизанын корутундусуна ылайык, Н.А. денесинде көзгө көрүнгөн кандайдыр бир канталап көгөргөн тактар, сыйрыктар жана жарааттар байкалган эмес.

Улуттук борбор кылмыш ишти козгоодон баш тарткан УКМК чечиминин мыйзамдуулугун текшерүү өтүнүчү менен Нарын облусунун прокуратурасына кайрылган. Прокуратуранын жообуна ылайык, аталган чечим мыйзамдуу болуп саналат, ошондуктан аны өзгөртүүгө негиз жок.[23]




№95,96 сүрөттөр. Н.А. денесине келтирилген жаракат

---

**Кылмыштардын ашыкча мүнөздөмөсү (квалификациясы) – шектелген адамга басым кылуунун ыкмасы.** Тергөө органдарынын кызматкерлери көп учурларда кылмыштын мүнөздөмөсүн (квалификациясын) аша чаап жогорулатып, же башкача айтканда, оорлоштуруп жиберет да, жеңилдетүүчү жагдайларды эсепке алышпайт. Анын себептерин бири – кылмыш ишинин прокуратурадан кайтып келүү коркунучу, себеби ушунун өзү тергөөчүнүн жумуш көрсөткүчтөрүнө терс таасир этет. Мында кылмыш иштин жагдайларына баа берүү тергөөчүнүн ички ынанымына көз каранды, бул болсо ал чыгарган жыйынтык прокуратуранын же соттун ой-пикирлерине карама-каршы келип чыгышы ыктымал.

Күнүмкү тажрыйба көрсөтүп тургандай, кылмыштын мүнөздөмөсүн (квалификациясын) аша чаап жогорулатуу кылмыштардын бетин ачуу деңгээлин өстүрүү жана кылмыш ишин сотко «ийгиликтүү» жеткирүү ыкмасы катары же кылмыш ишинин кошумча терштирүүгө кайтарылышынын алдын ала аманат чарасы катары колдонулат.

«Кылмыштын мүнөздөмөсүн (квалификациясын) аша чаап жогорулатуу» же «Кылмыштын кошумча камдалган мүнөздөмөсү (квалификациясы)» деп тергөөчүнүн алдын ала ойлонулган иш-аракетин, же башкача айтканда, айыпталуучу жасаган иш-аракетке ылайык келген berененин ордуна анын күнөөсүн ого бетер оор кыла турган

[23] Нарын облусунун прокуратурасынын жообу, чыг.№8-322а-24, 2024-ж.09.12

берене боюнча жоопко тартуу амалы деп түшүнсө болот. Бул кимдир бирөөнү айыпталуучу катары жоопко тартуу жөнүндөгү токтомдон да, жыйынтыктоочу айыптоо корутундусунан да көрүнүп турат.

Бул жаатта түзүлүп калган абалдын негизги себеби – укук коргоо органдарынын тил бириктирип алгандыгына, алардагы түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрдүн аброю түшүп кетишинин ыктымалдыгына, ушунун натыйжасында мамлекеттик органдарга болгон ишенбестиктен келип чыккан, укук коргоо органдарынын кызыкдар эместиги.

«Кыргыз Республикасында кыйноолордун кесепеттеринин наркын изилдөө» документине ылайык, кыйноолордун бир гана учуру 4 миллион 97 миң сом чыгымга жетет, ал эми бюджеттин жыл сайынкы ыктымалдуу жоготуулары 1,2 миллиард сомдон ашуун деп бааланат. Мамлекет кыйноолордун кесепетинде жоготкон каржы көлөмү Башкы прокуратураны күтүүгө кеткен чыгымдардан эки эсе көп, сот тутумун күтүүгө сарпталган чыгымдарга барабар жана бүжет маданият тармагына кетирген чыгымдардын жарымын түзөт. Аталган жоготууларга караганда адам укуктарын коргоо жана кыйноолордун алдын алуу мамлекет үчүн алда канча арзаныраак болмок. Алсак, Улуттук борборду күтүүгө сарптала турган каражат мамлекеттик бюджет кыйноолордун кесепетинде жоготуп жаткан жалпы чыгымдардын болгону 10%ын түзөт. [24]

## 2.2. Эркинен ажыратуу жана чектөө жайларындагы кармоо шарттары

Кыргыз Республикасындагы эркинен ажыратуу жана чектөө жайларындагы кармоо шарттары улуттук мыйзамдар жана адам укуктарын коргоого жана эл аралык милдеттенмелерди аткарууга багытталган эл аралык стандарт менен жөнгө салынат. Негизги принцип коопсуздукка, медициналык жардамга, санитария жана гигиена нормаларына, толук кандуу тамак-ашка, билим алууга жана эмгектенүүгө болгон укуктарды камтыган татыктуу шарттарды камсыз кылуу болуп саналат.

Улуттук борбордун бирден-бир негизги маселелери – бул жабык мекемелерде кармалгандарды кармоо шарттарын жакшыртууга көмөк көрсөтүү жана социалдык мекемелерде кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу. Өз ишмердигинде Улуттук борбор тынымсыз байкоо жүргүзүп, анын натыйжалары боюнча тийиштүү мамлекеттик органдарга сунуштарды берет. Инфратүзүмдү жакшыртууга багытталган оң жылыштарга карабастан (жаңы мекемелерди куруу, оңдоп-түзөтүү иштери), эскилиги жеткен имараттар менен орнотмолордун көйгөйү дале болсо күн тартибинде.

2024-жылы Улуттук борборго кармоо шарттарына тийиштүү 29 арыз келип түшкөн, аларды кароонун натыйжасында 18 боюнча (62%) кемчиликтер жоюлган, ал эми 11 арызда (38%) келтирилген жүйөлөр тастыкталган эмес.

№12-диаграмма. Кармоо шарттарына болгон даттануулар



## Убактылуу кармоо жайлары

Убактылуу кармоо жайы - кылмыштарды жасоо жагынан шек туудуруп, иш жүзүндө кармалган учурдан тартып 48 сааттан ашпаган мөөнөткө адамдарды кармоочу жай. Жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөт аягына чыккан соң кармалган жаран сотко жеткирилүүгө тийиш. Аны кармоо мыйзамдуу жана негиздүү деп табылса жана камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы тандалса, ал дароо тергөө абагына жеткирилиши керек. УКЖ инфратүзүмү кармалган адамдарды эки суткадан ашпаган мөнөттө кармап турууга эсептелбеген карабастан, ал жайларда кармоо мөөнөтүн бузуу учурлары дале болсо орун алып келет. 2024-жылы Улуттук борбор тарабынан УКЖда 17 жаранды кармап туруу мөөнөтү ашып кеткендигине байланыштуу 5 акт түзүлгөн. Мисалы, Жумгал районундагы ИИБ УКЖда кармалып турган шектүү жаран ал жерде 11 күндөн ашык мөөнөттө кармалып турган, ал эми Жалал-Абад шаардык ИИБ УКЖгы эки жаран 14 күндөн ашуун кармалып турган. Талас жана Баткен облустарында тергөө абактары жоктугунан, алардын иш-милдетин УКЖлар аткарат. Алсак, Талас шаардык ИИБ УКЖда кармалган жаранды кармоонун эң узак мөөнөтү 1 жыл 6 айды түзгөн.

Кыргыз Республикасындагы УКЖдын көпчүлүгүндө кармалгандарды кармоо шарттары минималдык стандарттарга ылайык келбейт. Ар бир кармалганга мерчемделген аянттын стандарттары сакталбай жаткандыгы, начар жарык жана желдетүү, таза суу, жакшы сапаттагы тамак-аш жагынан, жууркан-төшөк менен камсыз кылуудагы көйгөйлөр, өз алдынча болуп, таза шартта дааратканадан пайдалануу шарттары же алардын деги эле жоктугу, тазалык каражаттары менен камсыз кылуудагы, сапаттуу медициналык тейлөөнүн жетиштүү болушундагы түйшүктөр арбын. Мындагы көйгөй-түйшүктөр көп жылдар бою айтылып келсе да, бул жаатта эч нерсе орчундуу өзгөргөн жок. Шарттары канааттандырарлык деп атоого боло турган УКЖ мисалдары бар, бирок бул жагдайды эреже болуп калды деп айтууга болбойт.

45 убактылуу кармоо жайларынан алтысы - Кара-Суу, Чоң-Алай, Баткен, Лейлек, Сузак, Чаткал райондорундагы ИИБ УКЖ – жертөлөдө жайгашкан, ошондой эле жети УКЖ - Ош жана Кызыл-Кыя шаарларындагы, Сокулук, Кадамжай, Ак-Талаа, Ала-Бука райондорундагы ИИБ УКЖ бөлмөлөрү - там астындагы жертөлө сыяктуу жерде жайгашкан. Эл аралык талаптар УКЖын жертөлөлөрдө жана башка ушул сыяктуу жерлерде курууну тыюу салгандыгына жана Улуттук борбор нормаларды ушундай бузууну четтетүүгө нечен жолу сунуш бергендигине карабастан, салыштырмалуу жакында эле курулган Жумгал, Чоң-Алай, Кадамжай райондорундагы ИИБ УКЖ имараттары дагы эле жертөлөлөрдө жайгашкан.





№97,98,99. сүрөттөр. Жумгал районундагы ИИБ УКЖ

Улуттук жана эл аралык талаптар УКЖнын жертөлөлөрдө жана жертөлө сыяктуу жерлерде жайгаштыруудан оолак болууга сунуш бергендигинин негизги себептери – табигый жарыктын жетишсиздиги, артыкбаш нымдуулук, желдетүүгө байланышкан көйгөй-түйшүктөр жана ушул жагдайлардын кесепетинде ал жайларда кармалгандардын ден соолугуна жана коопсуздугуна зыян келтирүү ыктымалдыгы. Жертөлөлөрдө

жайгашкан УКЖ бөлмөлөрүн кыдырууда ал жакта көк даттын тарап кетишине алып келе турган ашыкча нымдуулук жана сызды байкоого болот. Мындай канаат кылбаган шарттарда кармоо ал жайларда камалгандар менен бирге ошол мекемелерде иштеген кызматкерлердин өнөкөт ооруларынын күчөп кетишине жана жугуштуу оорулардын тарап кетишине алып келет. Мындан тышкары, чукул, өзгөчө учурларда ошо жайлардын жер астында жайгаштырылгандыгы адамдарды ал жактардан тез арада чыгарып куткарууну жана аларга жардам берүүнү татаалдаштырып, камакка алынган жарандардын өмүрү менен ден соолугуна коркунуч туудурат. Ушул себептерден улам УКЖ имараттары табигый жарык жетиштүү болгон, желдетиле турган, кургак жана коопсуз, жер деңгээлинен өйдө турган имараттарда жайгаштырылууга тийиш.

Өзгөчө оор кырдаал эскилиги жеткен, сүрүлүп жок кылынууга жана жаңыдан курулууга муктаж болгон мекемелерде түзүлүп калган. Мисалы, Бишкек шаардык ИИББ УКЖ имаратын 2007-жылы эле Мамкурулуштун Мамлекеттик архитектуралык-курулуш көзөмөлү, Кыргызстандын Сейсмикалык туруктуу курулуш боюнча илимий-изилдөө жана долбоорлоо институту жана ӨКМ Мониториң департаменти биргелешип 2007-жылы эле өткөргөн иликтөө көрсөткөндөй, ал имаратты пайдаланууну улантуу ал жерде кармалган адамдардын өмүрү үчүн коркунуч туудурарын көрсөткөн. Бирок имаратты дале болсо пайдаланып жатышат, ал жердеги шарттар күндөн-күнгө оор болуп барууда. Аталган имарат кыйроо алдында деп табылгандыктан, аны оңдоп-түзөтүү каражаттары бөлүнбөй калган. Мындагы маанилүү бир жагдай, ИИМ жарыялаган статистикага ылайык, бүт өлкө боюнча УКЖнан өткөндөрдүн 30% дал ушул Бишкек шаардык ИИББ УКЖ мекемесинде кармалган.

Ошол эле учурда, кээ бир УКЖ имараттарынын эскилиги чыгып, кыйроо абалында тургандыгына карабастан, мекемелердегилерди кармоо шарттарын жакшыртуу боюнча жумуш жүргүзүлүп жатат. Мисалы, Чүй облусунун бардык ИИБ УКЖ имараттарын оңдоп-түзөтүү иштери жүргүзүлгөн, ал эми Панфилов районундагы ИИБ УКЖ капиталдык ремонттон өткөрүлгөн. 2024-жылдын 6-октябрында ачылган Чоң-Алай районундагы ИИБ УКЖнан тышкары, Ош облусундагы бардык ИИБ УКЖ имараттары оңдоп-түзөтүлгөн. Жалал-Абад облусунун Кара-Көл шаарындагы, Сузак жана Токтогул райондорундагы ИИБ УКЖ имараттарында капиталдык, ал эми Аксы районундагы, Таш-Көмүр жана Майлуу-Суу шаарларындагы ИИБ УКЖ имараттарында сырткы ремонт өткөрүлгөн. Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы ИИБ УКЖ жана Баткен облусунун бардык төрт райондорунда ИИБ УКЖ имараттары сыртынан оңдоп-түзөлгөн. Мындан тышкары 2024-жылы Нарын облусунун Жумгал районунда ИИБ УКЖ курулган, ошондой эле Нарын шаарында ИИБ УКЖ курулуп жатат.

Ушул учурга карата бир адам башына чектелген санитардык аянттын (3,25 чарчы метр) нормаларын сактабоо дале болсо көйгөй бойдон кала берүүдө. Өзгөн шаарындагы ИИБ УКЖдагы №4-камерада эки керебет жайгаштырылган, бирок анда үч адам кармалган, ошондуктан бир орундуу бир керебетте эки иши жаткан (№100 сүрөт). Баткен районундагы ИИБ УКЖда ар бири 4 адамга эсептелген эки камерада тийиштүүлүгүнө карата 5 жана 6 адамдан кармалган, ушуга байланыштуу, анда кармалган адамдар айткандай, алар кезектешип уктоого аргасыз (№102 сүрөт). Кочкор районундагы ИИБ УКЖда 2 адамга эсептелген камерада, КАУБ кызматкерлери ал жерге барган учурда 5 адам кармалып турган (№102 сүрөт).


№100 сүрөт


№101 сүрөт


№102 сүрөт

Бишкек шаарындагы ИИББ УКЖ бөлмөлөрүндө кышкы мезгилдеги орточо температура +12.9°С, ал эми Ат-Башы районундагы ИИБ УКЖ бөлмөлөрүндө +11,4°С түзгөн, мунун өзү белгиленген нормадан олуттуу төмөн.

Талас шаарындагы ИИБ УКЖ бөлмөлөрүндө табигый күндүзгү жарык дээрлик жокко эсе, ал камераларга баш бакпайт, анткени терезелер сыртынан темир жабдыктар менен биротоло жабылган (№103,104 сүрөттөр).


№103 сүрөт


№104 сүрөт

УКЖда кармалгандар ысык тамак-аш менен жетиштүү камсыздалышы керек. УКЖ жалпы саны 45, бирок алардан эки УКЖ гана кармалгандарга үч жолу тамак берет, 8 УКЖ – эки жолу тамак берет, ал эми 35 УКЖ – бир жолу гана тамак берет.

Талас шаарындагы ИИБ УКЖда жаздык, шейшептер жок (№105 сүрөт). Баткен районундагы ИИБ УКЖда жууркан-төшөк, шейшептер эски жана жетишсиз санда. Сузак районундагы ИИБ УКЖда айыпталуучу адам жууркан-төшөк, шейшепсиз кармалган.


№105 сүрөт

УКЖ администрациясы ал жерге камакка алынган киши түшүп калган ар бир учурда анын денесинде көзгө көрүнгөн көк ала-жараттар көрүнбөсө да, медициналык күбөлөндүрүү жол-жобосунан өткөрүшү керек. Ал кароонун жыйынтыгы боюнча 033-у формасындагы медициналык баракча толтурулат да, анда медицина кызматкерлер денедеги зыян-жаракаттардын бар-жоктугун жана кармалгандардын рухий абалын да белгилеп кетүүгө милдеттүү. Медициналык кароону тыкан өткөрүү жана аталган

формадагы медициналык баракчаны сапаттуу толтурууга камалгандарга карата кыйноолорду жана катаал мамилени колдонгондор жоопко тартылыш-тартылбасы көз каранды. 2024-жылы медициналык күбөлөндүрүү эрежелерин бузуунун эң көп учурлары Жалал-Абад облусунун ИИБ УКЖда катталган. Мындан тышкары, Токтогул районундагы ИИБ УКЖда Улуттук борбордун кызматкерлери барган учурда кармалган 10 адамдын баарына карата медициналык күбөлөндүрүү өткөрүлгөн эмес. Өзгөн, Кара-Суу жана Сузак райондорунун ИИБ УКЖна барганда бир нече өздүк иштердин материалдарындагы аталган үлгүдөгү медициналык формалары жок болуп чыккан.

УКЖнын баарында санитардык-эпидемиологиялык жактан канаат кылбаган абал уланып келет, демек, бул жаатта санитардык нормаларга көзөмөл жүргүзүү талап кылынган абалда эмес экендигин көрсөтүп турат. Мисалы, Жумгал жана Кара-Суу райондорундагы ИИБ УКЖда жарым жылдан бери санитардык тазалоо болгон эмес. Улуттук борбордун кызматкерлери Кочкор районундагы ИИБ УКЖна барган учурда дагы ал жердеги камералардын антисанитариялык абалын, жууркан-төшөктөрдүн кирдеп кеткендигин, үч камерада унитаздардын суу менен жууп кетирүү сыйымдыктарынын иштебеген абалда экендигин, унитаздар таштандыга толуп кеткендигин, ошондой эле камералардын бири матрастарды сактоо кампа катары пайдалангандыгы аныкталган.

Өлкөнүн ИИБ УКЖ камераларынын көпчүлүгүндө ичинде суусу жана башка бардык шарттары бар дааратканалар жок. Даараткана катары колдонулган андай бөлмөлөрдө мындай муктаждыктар үчүн пластмассадан жасалган челектерди пайдаланышат. Мисалы, Таш-Көмүр шаарындагы, Сокулук, Базар-Коргон, Ноокен, Аксы, Ала-Бука, Чаткал, Токтогул (№106,107,108 сүрөттөр), Жети-Өгүз (№109 сүрөт), Ак-Талаа (№110 сүрөт) райондорундагы ИИБ УКЖгы абал дал ушундай.

Араван районундагы ИИБ УКЖ дааратканасы (№111 сүрөт) санитардык талаптарга жооп бербейт, ал эми Өзгөн шаарындагы ИИБ УКЖ дааратканасы жана душ (№112 сүрөт) деги эле иштебейт, мунун өзү санитардык талаптардын гана эмес, ИИБ УКЖ ички тартибин бузуу болуп саналат.


№106 сүрөт


№107 сүрөт


№108 сүрөт


№109 сүрөт


№110 сүрөт


№111 сүрөт


№112 сүрөт

Кочкор райондук ички иштер бөлүмүнүн имараты 2024-жылы курулганына карабастан, УКЖда антисанитария байкалган, бул администрациянын тийиштүү кам көрүүдөгү жана шарттарды камсыздоодогу шалаакылыгынан кабар берет.

Көпчүлүк УКЖда аялдардын спецификалык керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн зарыл болгон каражаттар жана шаймандар, анын ичинде акысыз берилүүчү гигиеналык каражаттар, ошондой эле ысык сууга үзгүлтүксүз жетүү камсыз кылынбай тургандыгын баса белгилеп кетүү маанилүү. Мындан тышкары, медициналык кароо жана кармалган адамдарга карата коштоп жүрүү жана башка иш-аракеттерге бирдей жыныстагы кызматкерлер тарабынан жүргүзүлүүгө тийиш экендигине карабастан, ИИМ берген статистикага ылайык, 9 гана УКЖда аял кызматкерлер бар экендиги тастыкталган.

## Камакка алынган адамдарды кармоо үчүн атайын кабыл алуу жайларында жана нөөмөт бөлүктөрүндөгү жайлар

2021-жылы укук бузуу үчүн дагы бир жаза-чарасы катары 7 суткага чейин камакка алууну киргизген Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси күчүнө кирген. Мындай жаза-чараны жүзөгө ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети 2022-жылдын 7-февралында «Камак өтөө жайларынын иштөө тартиби жана камакка алынган адамдарды кармоого болгон талаптар» жөнүндө №55 токтомду кабыл алган. Бирок ушул ченемдик укуктук актылар үч жылдан ашык мезгил бою колдонууда болгондугуна жана Улуттук борбор көптөгөн жолу тийиштүү сунуштарды бергендигине карабастан, камак өтөөнүн шарттары ушул күнгө чейин талаптарга ылайык келтирилген эмес.

Камакка алынган адамдарды кармоо үчүн ички иштер органдарынын алдында атайын кабыл алуу бөлмөлөрү же нөөмөт бөлүмдөрдүн алдындагы бөлмөлөр болууга тийиш. Ошентсе да, аймактык ИИБ органдарынын баарында эле андай бөлмөлөр бар деп айтууга болбойт. Иш жүзүндө ИИБсы кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоого УКЖдын камераларын пайдаланышат.

Мындан тышкары, атайын кабыл алуу бөлмөлөрүндө же нөөмөт бөлүмдөрдүн алдындагы бөлмөлөрдө жынысына жана ден соолугунун абалына жараша бөлүп кармоо үчүн үчтөн кем эмес бөлмөлөр болууга тийиш. Бирок ИИБнын дээрлик баарында камакка алынган жарандарды кармоо үчүн бир гана бөлмө, айрым гана жерлерде – эки бөлмө бар.

Камераларды жертөлөлөрдө ж.б.у.с. жерлерде жайгаштырууга тыюу салынса да, бул багыттагы Ала-Бука жана Чаткал райондорундагы ИИБ УКЖы жертөлөлөрдө, ал эми Сокулук, Жумгал, Баткен райондорундагы жана Кызыл-Кыя шаарындагы ИИБ УКЖы жарым-жартылай жертөлөдө жайгашкан.

Бишкек жана Ош шаарларында камакка алынган жарандар кармала турган атайын кабыл алуу бөлмөлөр иштеп жатат. Ош шаарындагы ИИБгы атайын кабыл алуу бөлмө имаратынын жараксыз болуп калгандыгына байланыштуу, жаңы имараттын курулушу дээрлик аяктап калган. Ушул учурда Ош шаардык ИИБ караштуу «Амир Тимур» милиция бөлүмчөсүнүн (МБ) имаратында эки камерасы бар атайын кабыл алуу бөлмөсү иштеп жатат.

№1-таблица. Камакка алынган адамдарды кармап туруу үчүн ички иштер органдарынын нөөмөт бөлүмдөрүнүн алдындагы бөлмөлөрдүн бар экендиги жана жайгашуусу жөнүндө маалымат

| Аймак | ИИБ жалпы саны | Нөөмөт бөлүмдөрүнүн алдында бөлмөлөрү жок ИИБ саны | Бөлмөлөрү УКЖда жайгашкан ИИБ саны | Бөлмөлөрү жертөлөдө жайгашкан ИИБ саны |
|---|---|---|---|---|
| Чүй облусу | 8 | 1 | 7 | 1 |
| Ош облусу | 7 | 1 | - | - |
| Жалал-Абад облусу | 12 | - | 5 | 2 |
| Ысык-Көл облусу | 7 | 1 | 6 | - |
| Нарын облусу | 5 | - | 3 | 1 |
| Талас облусу | 5 | - | 1 | - |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Баткен облусу | 4 | - | - | 2 |
| | 48 | 3 | 22 | 6 |





№113 сүрөт. Ала-Бука районундагы ИИБ
№114 сүрөт. Чаткал районундагы ИИБ
№115 сүрөт. Сокулук районундагы ИИБ




№116,117 сүрөттөр. Баткен районундагы ИИБ

Айрыкча, ИИБ баруууда камакка алынгандарды кармоодо төмөнкүдөй тартип бузуулар аныкталган:

- Бөлмөлөр ашыкча толгон: 2-3 адамга эсептелген жерде 6 адам кармалган.
- Камактагыларга матрас менен жууркан-төшөк гана берилет да, шейшептер жок болуп чыккан.
- Тамак бир гана жолу берилет.
- Камераларда таза суу менен даараткана лар жок.
- Кээ бир жайларда желдетүү жана терезе рамкалары жок. Жылытуу жана желдетүү жабдуулары бөлмөдө жагымдуу микроклиматты түзүп бере албайт. Жылытуу радиаторлору темир тыныкелер менен жабылган эмес жана аларда көрүнүп турган түтүктөр, ар кандай бурама, чырмооктор оркоюп чыгып турат.
- Табигый жана жасалма жарык талаптарга жооп бербейт. Электр чырагы темир тор менен корголгон эмес.
- Эшиктер бөлмөлөрдөгүлөрдү көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берген сынбас тунук органикалык айнек менен тосулган эмес. ИИБ кээ бирлеринде темир эшиктер же алардын ордуна темир панжара (решётка) орнотулган.
- ИИБ көпчүлүгүндө дубалдар жалпы дализге (коридорго) туташ курулган. Жертөлөдө жайгашкан бөлмөлөр гана бул эрежеден обочо турат.

Камакка алынгандарда жеке уктоочу жайы (темир же жыгач керебет) болуусу керек. Бирок көп ИИБ жеке уктоочуу жайлар жок болуп, камактагылар узун жыгач орундуктарга же полго жатышат. Мисалы, Сузак районундагы ИИБдө темир керебеттер бар экени аныкталган.






№118 сүрөт. Нарын шарындагы ИИБ
№119 сүрөт. Ат-Башы районундагы ИИБ
№120 сүрөт. Ысык- Көл районундагы ИИБ
№121 сүрөт. Кара-Суу районундагы ИИБ






№122 сүрөт. Ак-Талаа районундагы ИИБ
№123 сүрөт. Жумгал районундагы ИИБ
№124 сүрөт. Тогуз-Торо районундагы ИИБ
№125 сүрөт. Сузак районундагы ИИБ

2024-жылы ички иштер органдарынын атайын кабыл алуу бөлмөлөрүндө жана нөөмөт бөлүмдөрдүн алдындагы бөлмөлөрдө 6231 адам кармалып турган.[25]

№13-диаграмма. Облустар боюнча камакка алынгандардын саны




Маанилүү болгон дагы бир жагдай, камакка алынган адамдардын соттун чечимине даттануу мүмкүнчүлүгү жок. Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин (мындан ары УБК) 566-беренесине ылайык, соттун камакка алуу жөнүндөгү токтому ал чыгарылгандан кийин дароо эле аткарылат. Ошол эле учурда УБК 554-беренесининде соттун укук бузуу тууралуу токтому чыгарылгандан кийин он күндүн ичинде даттанууга болот. Алсак, камакка алынган адам сот залынан камак мөөнөтүн өтөө үчүн ички иштер органдары аныктаган жайга жөнөтүлөт. Эгерде камакка алынган адам аталган чечимдин үстүнөн даттанган учурда дагы ал камакта кала берет жана ага аныкталган жаза-чараны иш жүзүндө өтөй берет.

---

Ички иштер министрлигинин жообу, чыг. №25/100-11-11/18-00048, 2025-ж. 11.01

### Тергөө абактары жана түзөтүү мекемелери

2024-жылы Европа Шериктештигинин колдоосунда Улуттук борбор «Voice of Freedom» коомдук фонду, «Акыйкат Карегi» улуттук тармагы менен бирге «Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу тутумунун мекемелеринде адам укуктары стандарттарын сактоо» аттуу атайын изилдөө өткөргөн, ал бүт өлкө боюнча ЖАК 12 мекемесин (тергөө абактары, түзөтүү мекемелери, тарбиялоо мекемелери, жатак абактары) камтыган. Изилдөөнүн жүрүшүндө 223 адам сурап-билүүдөн өткөн, алардан ичинен 151 адам тергөө абактарда, 72 адам – түзөтүү мекемелерде кармалган. 223 респонденттердин ичинен 66% эркектер, ал эми 34% – аялдар болгон. Сурамжылоого катышкандардын ичинен жашы жете элек респонденттердин үлүшү 13% түзгөн.

Мындан тышкары, ошол эле мезгилде БУУнун Баңги заттар жана кылмышкердик боюнча башкармалыгынын Программалык кеңсесинин колдоосунда Улуттук борбор «Коомчулук кызыкчылыктарды коргоо борбору» коомдук фонду менен биргеликте «Кыргызстанда БУУнун камалгандарга мамиле кылуунун эң төмөнкү стандарттык эрежелерин (Нельсон Мандела эрежелери) сактоо» изилдөөсүн өткөргөн.

Байкоолорго ылайык, бир катар мекемелердеги кармоо шарттары эл аралык да, улуттук да мыйзамдардын талаптарына жооп бербейт.

Тергөөдө кармалгандардын баары эле жекече жууркан-төшөк менен камсыз кылынбайт, ал турсун айрымдары аларды үйүнөн алып келет. Шейшептерди гигиена талаптарына ылайык жууп, утур-утур алмаштырып туруу керек. Бирок кээ бир мекемелерде шейшептерди, жаздык каптарын айына бир жолу гана алмаштырат же такыр алмаштырбайт. Ал эми буюмдарды жуу мүмкүнчүлүгү дайыма эле боло бербейт.





№126 сүрөт. №24 мекеменин (ТИЗО-4) камерасындагы керебеттер
№127 сүрөт. №3 түзөтүү мекемелердеги керебеттердин жана жууркан-төшөктөрдүн абалы
№128 сүрөт. №14 тарбиялоо мекемеси

Өзүн тазалыкта сакташ үчүн камалган адамда суу, жеке тазалык каражаттары болууга тийиш. Ал эми дааратканалар камалгандар өз денесинин муктаждыктарын кандыруу үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болууга тийиш. Мекемелерге барууда байкалгандай, камалгандар жуманын айрым гана күндөрү чектелген мөөнөткө болсо да, душка же мончого түшүү укугуна ээ. Кээ бир мекемелерде камерада жайгашкан даараткандан жагымсыз жыт чыгып турат. Аны тазалоо каражаттарына каржылоо дайыма эле бөлүнө бербейт. Дааратканалар ичинен жабылбайт, аларды обочолонткон тосмолор же эшиктери жок, ошондуктан ал жерди колдонуп жаткан адамдар ыймандуу абалда даарат ушатуу үчүн аны чүпүрөк же полиэтилен тилке жаап алышат. Андан тышкары, жеке тазалыкты сактоо үчүн жөнөкөй гана каражаттар да жетишсиз.







№129 сүрөт. Тарбиялоо мекемесиндеги дааратканa (№14 мекеме)
№130 сүрөт. Тарбиялоо мекемесиндеги жуунуу бөлмөсү (№14 мекеме)
№131 сүрөт. ТИЗО-5 сырткы даараткана
№132 сүрөт. ТИЗО-4 даараткананын абалы
№133 сүрөт. ТИЗО- 53 жаңы даараткана

Жаза аткаруу мекемелерге баруудa камералардын аянты белгиленген талаптарга жооп бербей жатканы аныкталган, кээде бир камерада ондон ашуун адам кармалат. Ал жердеги температура жыл мезгилине шайкеш келбейт. Камактагылар билдиргендей, жайында ал жерде өтө ысык болсо, кышта өтө эле суук; аба нымдуу болгондуктан дубалдарда көк дат пайда болот. Камалгандар күндүзү кадимкидей эле иштеши жана окуусу үчүн камералардагы терезелер жарыкты жетиштүү өткөрүшү керек. Камерада желдетүү тармагы бар-жоктугуна карабай, терезелер таза абаны өткөрүп турушу керек. Бирок байкоонун жүрүшүндө бул жааттагы кемчиликтер дале болсо арбын экени көзгө урунган.






№134-135 сүрөттөр. №21 мекеме (ТИЗО-1)
№136 сүрөт. №24 мекеме (ТИЗО-4)
№137 сүрөт. №27 түзөтүү мекемеси

Камактагы ар бир киши таза суу жана ден соолугу менен күчүн сактап турчу, жакшы даамдуу даярдалган жана алдына татыктуу коюлган тамак-аш менен камсыз кылынууга тийиш. Тергөө абактарда жана түзөтүү мекемелерде таза суу чектөөсүз көлөмдө, ысык тамак күнүнө үч жолу берилет, бирок аталган мекемелерде кармалгандар тамак-аш жетишсиз деп билгелешет. Сурап-билүүдө жооп бергендердин 42% андай тамак-ашты «жеп болбойт» деп айтышат,  ал эми 53% «канааттандырарлык» деп мүнөздөшөт. Мекемедеги тамак-ашты респонденттердин 2% гана «эң сонун» деп баалашкан. Камалгандардын бир бөлүгү берилген тамакты деги эле жебейт, тамакты өздөрү жасайт.

Мекемелерде медициналык кызмат болгонуна карабастан, камактагылардын көбү медициналык жардам жеткиликтүү болбой жаткандыгына, аларды дарыгер утурумдуу карабагандыгына, тийиштүү адистер менен дары-дармек жетиштүү эместигине, имарат менен анын бөлмөлөрүнүн санитардык абалы начарлыгына даттанышкан.

Бардык мекемелерде кармалып тургандар алардын ар тараптуу дени сактыгын сактоо үчүн жетиштүү дем алыш жана маданияттуу убакыт өткөрүү шарттарын түзүү керек экендигин айтышкан. Сурап-билүүгө катышкандардын көбү (79%) күнүнө бир жолу сыртта сейилдөө жетиштүү эле деп белгилешти. Башкалар болсо күнүнө эки жолу же андан да көп ирет жана узактыгын чектебей сейилдөөгө мүмкүнчүлүк берилишин айтышты. Ал эми жумасына 1-2 жолу сейилдөөгө уруксат берилээрин сейрек гана адамдар айткан. Респонденттердин 43% жакыны ЖАК мекемелеринде спорт менен алектенишке мүмкүнчүлүктөрү бар экендигин билдирген. Бул үчүн спорт жабдыктары бар экендигин камалгандардын үчтөн бири, 34% кабарлаган. Респонденттердин дээрлик жарымы (48%) китепканадан пайдаланууга мүмкүнчүлүгү бар экенин айтты.










№138 сүрөт. ТИЗО-5 сейилдөө короосу
№139 сүрөт. ТИЗО-4 сейилдөө короосу
№140 сүрөт. ТИЗО-5 волейбол аянтчасы
№141 сүрөт. №3 түзөтүү мекемесиндеги жападан-жалгыз спорт жабдыгы – бул турник
№142 сүрөт. ТИЗО-5 сейилдөө короосундагы теннис столу
№143 сүрөт. Тарбиялоо мекемесиндеги теннис залы (№14 мекеме)
№144 сүрөт. ТИЗО-5 китепкана

ЖАК тутумунда кармалган адамдар эмгекке тартылат жана чарбалык иштерди кылат, башкалары кесибине жараша өндүрүштө (тигүүчүлүк, бут кийим жасоо, нан жабуу, кыш чыгаруу) иштейт.









№145,146 сүрөттөр. Аялдардын №2-түзөтүү мекемесиндеги кийим тигүүчү цех жана набайкана
№147 сүрөт. №1-түзөтүү мекемесиндеги кыш заводу
№148-149 сүрөттөр. №10-түзөтүү мекемесиндеги кийим жана бут кийим тигүү өндүрүшү
№150-151 сүрөттөр. №16-түзөтүү мекемесиндеги кыш заводу

Респонденттердин үчтөн биринен көбү урук-тууганы менен телефон аркылуу айына бир, кээ бир учурда эки жолу байланышып турууга мүмкүнчүлүгү бар экенин билдирген. Кээ бирөөлөрүнө болсо соттун гана уруксаты аркылуу телефон чалууга мүмкүнчүлүк берилет. Суралгандардын 36% айткандай, аларга урук-тууганы менен жолугушууга сот же мекеме жетекчилиги уруксат берет. Андай жолугушуулардын жыштыгы айына эки жолу же үч айда бир жолу болушу мүмкүн. Кээ бирөөлөр айткандай, алардын сырткы дүйнө менен эч кандай байланышы жок, керек болгон маалыматты алар адвокаттар же мекеме кызматкерлери аркылуу алып турушат. Суралгандардын 62% туугандары менен сот залында гана көрүшүп жүрөбүз деп даттанышкан.

Камакта кармалгандар үчүн туугандардан жөнөтмө алып туруу да өтө манилүү. Суралгандардын басымдуу көпчүлүгү туугандардан жөнөтмө алып тураарын айтышкан. Бирок андай мүмкүнчүлүк баарында эле боло бербейт. Суралгандар билдиргендей, кээде жөнөтмө убагында алынбай калат, анткени туугандар камалган адам кайсы мекемеде кармалып турганын билишпейт же жөнөтүлгөн тамак-аш, буюм-тайымдар ар кайсы себептерден улам жетпей калат. Кээде тамак-ашка тыюу салынат же чектөө коюлат. Туугандардан жөнөтмөлөр жумасына бир-эки жолу келип турат. Бирок кээде алар күндө жиберилет же кимдир бирөөлөр таптакыр жөнөтмө албайт.

Камалган адамдар мүмкүн болушунча өз үйүнө же социалдык реабилитация жайына жакын кармалганы дурус. Кыргыз Республикасындагы түзөтүү мекемелердин дээрлик баары Чүй облусунда жайгашкан, ал эми Талас жана Баткен облустарында андай мекемелер таптакыр жок. Камактагыларды реабилитациялоонун жана социалдаштыруунун маанилүү аспектилеринин бири баарлашуу болсо, башка аймактардан камакка алынган жана соттолгон адамдар үйдөн алыс жайгашкан жана алардын туугандарынан жана жакындарынан жөнөтмөлөр барганда же тапшырууда (узак аралык, жол киреге жана жашоого финансылык чыгымдар) белгилүү бир кыйынчылыктарга туш болушат.

Аярлуу катмарлардын өкүлдөрүнүн абалы – бул өз алдынча оор көйгөй. Алардын катарына кыз-келиндер, жашы жете электер, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар кирет.

Сурап-билүүдө жооп берген аялдардын көбү аларда өз денесинин тазалыгын сактоо үчүн мүмкүнчүлүгү жок, алар үчүн ысык суу кол жетээрлик эмес. Бул максатта алар электр чайнектерин, суу кайнаткычтарды пайдаланаарын айтышкан. Тазалык каражаттарын болсо алар үйдөгү туугандардан, камерадагы тагдырлаштардан алат же өз акчасына сатып алат.

Штаттагы гинеколог жок. Суралган аялдардын дээрлик бир чейреги (23%) аларга гинеколог утурумдуу келип тураарын айтышкан, ал эми ар бир сегизинчи аял (12%) онкологдун кароосунан өткөн. Кээ бир аялдар гинекологдун кароосун көпкө чейин күтөөрүн айткан, ал адис айына бир жолу же алты айда бир келиши мүмкүн, ал турсун кээде андан да сейрек каттайт. Кош бойлуу, төрөгөн аялдар же төрөттөн кийинки мезгилде алар адистешкен медициналык жардам алышы керек, бирок кош бойлуу беш аялдын экөө гана утурумдуу байкоодон өткөн жана дарыгердин консультациясын алып турган.

Соттолгон аялдардын түзөтүү мекемесинде балдарды талаптагыдай тарбиялоо үчүн шарттары бар бөбөктөр үйү жайгашкан. Бирок анын штатында педиатр жок, ал эми балдарды тазалыкта кармоого буюм-каражаттар берилбейт.

ЖАК тутумунда кармалган кош бойлуу жана бала эмизген аялдар КР Өкмөтүнүн 2008-жылдын 8-февралындагы №42 Токтому менен бекитилген нормалар боюнча камсыз кылынат. Камактагы энелери менен бирге кармалган балдарга КР Саламаттык сактоо министрлиги бөбөктөр үйлөрүндөгү балдар үчүн бекитилген тамактануу нормалары боюнча тамак-аш берилет.





№152 сүрөт. №2 түзөтүү мекемесиндеги бөбөктөр үйү
№153 сүрөт. №2 түзөтүү мекемесиндеги балалуу аялдар үчүн бөлмө

Өлкөдө соттолгон өспүрүмдөр кармалган жападан-жалгыз №14-тарбиялоо мекемеси бар. Ушул эле мекемеде күнөөлөнүп жаткан өспүрүм уул-кыздар кармалган тергөө абагы да бар. Өкүм чыгарылгандан кийин эркек балдар тарбиялоо мекемесине, кыздар болсо аялдардын №2-түзөтүү мекемесине которулат, ал жакта өз алдынча обочо турган имаратта кармалат.

Тергөө абагында эркек балдар үчүн атайын жабдылган класстар, ал эми тарбиялоо мекемесинде мектеп жайгашкан. Ошол эле учурда өспүрүмдөр үчүн тергөө абагындагы имаратта кыздар үчүн окуу класстары жок, №2-түзөтүү мекемесинде мектеп жок. Ушундан улам бул жердеги кыздар билим ала албай жатышат.

Камактагы майыптыгы бар адамдар турмуш-тиричилик жагынан колдоого муктаж. Алар үчүн тергөө абактарында жана түзөтүү мекемелеринде атайын жабдуу (кадимки эле жогоруга көтөрүп чыга турган механизмдер, туткалар, пандустар) жана майып адамдар үчүн сантехника жок. Мисалы, ЖАК №21-мекемесинде (ТИЗО-1) кармалган О.Т. – 1-топтогу азиз майып, ал мекемеге келген биринчи эле күнү чай ичем деп жатып, буту-колун күйгүзүп алган, бетин устара менен улам кескилеп алып жатып, дээрлик сакалын албай калган. Ал өзү кир жууй албагандыгынан буюмдары кир болгон. О.Т. камерадагы чогу кармалган адамдардан жардам сурап, анын ордуна (акысына) туугандарынан алып турган азык-түлүктөрдөн бөлүшүп тураарын айткан. Башкаларга ыңгайсыз болбосун үчүн ал камерада ары-бери жүрүштү биротоло токтоткон, ушундан улам анын ден соолугу начарлап кеткен.

Аялдардын №2-түзөтүү мекемесинде Ш.Ш. аттуу аял инсульт оорусуна чалдыккандыгына байланыштуу баса албай калган. Мекемеде бир гана коляска бар, бирок ал да медициналык бөлүктө сакталып, оорулууларды жана кош бойлуу аялдарды ташып жүрүүдө колдонулат. Ошондуктан Ш.Ш сойлоп кыймыл-аракет кылууга аргасыз болгон.

Мында баса белгилеп кетчү бир жагдай, ден соолугу туруктуу бузулган жана ушуга байланыштуу анын кыймыл-аракети менен бирге социалдык жигердүүлүгү чектелген соттолгон адам медициналык-социалдык экспертизадан (МСЭК) өтүп, майыптык макамын ала албай же кайра күбөлөндүрүүдөн өтө албай жатат.[26] Ошондуктан ЖАК түзөтүү мекемелеринде жаза мөөнөтүн өтөп жаткан майыптарга жөлөк пулдарын берүү токтотулган. Бул жаатта берилген маалыматтар боюнча,[27] ЖАК мекемелеринде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 18 соттолгон адамдар кармалып турат (I-группа - 5, II группа - 8, III группа - 5). Мындан тышкары, дагы 18 соттолгон адам МСЭК текшерүүсүнөн өтүп, майыптуулугун кайрадан күбөлөндүрүүгө муктаж, ал эми 122 соттолгон адам жалпы соматикалык оорулар боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендер (ДСМЧ) – майыптыгынын таанылышын күтүп жатышат.

---

[26] КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 31-январындагы №68 токтому менен бекитилген «Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адам деп эсептөө жөнүндө жобо»нун 30-пункту
ЖАК жообу, чыг.№100/02-2876, 2024-ж.30.12

## Айыптык изоляторлору

Айыптык изолятору (ШИЗО) – бул белгиленген тартипти бузган камакка алынгандар менен соттолгондорду кармоочу камера. Кээ бир учурларда ал коопсуздугунан шек санаган соттолгондор үчүн баш паанек катары да пайдаланылат.

Айыптык изоляторундагы шарттар башка камераларга салыштырмалуу бир топ катуурак болсо да, ал жерге камоо катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мүнөзгө ээ болбошу керек. Ошентсе да, айыптык изоляторлору өтө эскирип кеткен, аларды оңдоп-түзөө жөнүндө көп жылдар бою сунуштар берилип келсе да, абал ошол эле бойдон калууда. Аталган изоляторлордо кармоонун талаптагыдай эмес шарттары камактагы адамдарга кошумча басым кылуунун дагы бир ыкмасы болуп, ал айыптык изолятордо кармалуусу кыйноолорго тете деп эсептесек болот.

Айрыкча, ал имараттардын абалын көп жыл бою кыйроо алдында деп мүнөздөшөт, инженердик коммуникациялар жараксыз болуп калган, ичинде суук, нымдуу, дубалдар жарым-жартылай урап баруруда, аянтта жайгашуунун санитардык нормалары бузулууда, керебеттердин, жууркан-төшөктөрдүн эскилиги жеткен же жок, суу менен камсыздоо тармагы көйгөйлүү (раковиналар жок), пол бетондон жасалган, терезелери айнексиз, электр зымдары шылынып калгандыктан аларды пайдалануу кооптуу ж.б.







№154,155,156,157 сүрөттөр. №21-мекеме (ТИЗО-1)






№158,159,160,161 сүрөттөр. №25- мекеме (ТИЗО-5)






№162,163,164,165 сүрөттөр. №24-мекеме (ТИЗО-4)



№166,167,168 сүрөттөр. №23-мекеме (ТИЗО-3)



№169,170,171 сүрөттөр. №1- түзөтүү мекемеси



№172,173,174,175 сүрөттөр. №3- түзөтүү мекемеси



№176,177,178 сүрөттөр. №27- түзөтүү мекемеси

Жаңы пайдаланууга берилген №53-мекемедеги (ТИЗО-53) жана №10-түзөтүү мекемедеги айыптык изоляторунда кармоо шарттары талаптарга жооп берет.



№179,180,181,182 сүрөттөр. №53-мекемеси (ТИЗО-53)



№183,184,185 сүрөттөр. №10- түзөтүү мекемеси

**Кармоонун катуу шарттары**

Түзөтүү мекемелеринде тартип жалпы, катуу, өзгөчө болуп бөлүнөт. Бир эле мекеменин ичинде соттолгондор жаза өтөөнүн кадимки, катуу жана жеңилдетилген шарттарында болушу мүмкүн.

Кармоонун катуу шарттары (ККШ) – бул түзөтүү мекемелеринде тартип жана коопсуздукту камсыз кылууга багытталган өзгөчө тутум. Бирок аны колдонуу тажрыйбасы соттолгондордун укуктарын сактоо жагынан шек туудурат. 2024-жылы ККШ камсыз кылуу максатында №27 жана №2-түзөтүү мекемелериндеги обочолонгон тилкелеринде камералык типтеги бөлмөлөрү бар имараттар колдонууга берилген. Өткөн жылы эле ал жерде 102 соттолгондор кармалган.

Соттолгондорду түзөтүү мекемесинин комиссиясынын чечими боюнча ККШна өткөрүү жана алардын узак мөөнөттө камераларда кармалуусу кабатырга салат.

Соттолгондорду алты айга чейин ККШ өткөрүп, андан ары дагы улантышы мүмкүн. Мындай жагдай мекеменин администрациясына жаза өтөөнүн шарттарын өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк берет, мындай абал соттун өкүмүнө карама-каршы келет. Камера тибиндеги бөлмөдө укуктары белгилүү бир деңгээлде чектелген шартта (жөнөтмөлөрдү алуу жана туугандар менен жолугушуу жагынан) узак мөөнөт бою туруу жаза өтөөнүн кадимки эле түрмө тартибине барабар. Бирок сот аныктаган тартиптен айырмаланып, кармоо шарттарын мекеменин администрациясы өзгөртөт, бул болсо соттолгондордун укуктарынын жана эрктеринин чектелишине соттук көзөмөл принцибине карама-каршы келет.

ККШ тууралуу чечим калыс далилдерди келтирбестен эле кабыл алынышы ыктымал. Мындай жагдай жемкордук көрүнүштөрүнө жана өзүм билемдикке алып келиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасында кармоонун катуу шарттарын колдонуу практикасы реформалоого жана эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүүгө муктаж. Учурдагы тутумду оптималдаштыруу түзөтүү мекемелеринин администрациясынын иш-аракеттерин, кабыл алынган чечимдердин көз карандысыздыгын жана калыстыгын, ошондой эле даттануу механизмдеринин жеткиликтүүлүгүн жана ачык-айкындуулугун камсыз кылууну катуу көзөмөлдөөнү камтышы керек. Бул чаралар пенитенциардык тутумга ишенимди бекемдөөгө жана соттолгондордун укуктарын бузуулардын санын азайтууга жардам берет.

**УКМКнын тергөө изоляторлору**

Бүгүнкү күндө УКМКда төрт тергөө изолятору иштейт: УКМКнын Бишкек шаарындагы, УКМКнын Ош, Жалал-Абад жана Баткен шаарларындагы облустук башкармалыктарындагы тергөө изолятору. Улуттук борбор бул мекемелерге туруктуу негизде алдын алуу барууларды жүргүзүп турат. Жыл ичинде кармалган адамдардан кармоо шарттарына байланыштуу даттануулар жана арыздар түшкөн эмес. Белгилей кетчү нерсе, тергөө изоляторлорундагы кармоо шарттары камактагыларга мамиле кылуунун

минималдуу стандарттык эрежелерине жооп берет, көпчүлүк учурда бул тергөө изоляторлору жаңы курулган имараттарда болгондуктан, аларды курууда камактагыларга мамиле кылуунун улуттук жана эл аралык заманбап стандарттары эске алынган.





№186,187,188 сүрөттөр. УКМКнын Бишкек шаарындагы ТИЗО





№189,190,191 сүрөттөр. УКМКнын Ош шаарындагы ТИЗО




№192,193 сүрөттөр. УКМКнын Жалал-Абад шаарындагы ТИЗО





№194,195,196 сүрөттөр. УКМКнын Баткен шаарындагы ТИЗО

## Гауптвахталар

Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө ушул учурда эки гауптвахта бар: Бишкек гарнизонунун аскердик комендатура башкармалыгынын гауптвахтасы жана Ош гарнизонунун аскердик комендатурасынын гауптвахтасы.

2024-жылдын январында Улуттук борбор кызматкерлери Бишкектеги гауптвахтага барууну жүргүзгөн. Комендатура имараты эски болсо дагы, анда кармоонун салыштырмалуу жакшы шарттары түзүлгөн. Мекеме жетекчилиги белгилегендей, жаңы имаратты куруу пландалууда.

Коргоо министрлигинин 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча берген маалыматына ылайык, гауптвахтада 68 адам кармалып турган: 41 адам кылмыш иштери боюнча (8 жарандар жана 33 аскер кызматчылары) жана 27 аскер кызматчылар укук бузууларга байланыштуу.[28] Ал жерге барган учурда камалгандар менен жекече маектешүүлөр болду, алар кармоо тартибине даттанышкан жок. Бирок гауптвахтанын бардык камералары кулпуланбаган абалда эле, кармалгандар ал жакта каалагандай жүрүшкөн. Ушунун өзү кармалгандардын да, мекеме кызматкерлеринин да коопсуздугуна шек келтирген жагдай.

Ар бир кармалган адам атайын короо жайда сейилдеп жана машыга алат. Бирок гауптвахтанын сейилдөө короосунда жаан-чачындан коргой турган чатыр-бастырмалар, спорт менен алек болуу үчүн атайын жабдыктар, орундуктар жок.

Баруунун жыйынтыгында байкалган кемчиликтерди жоюу боюнча Бишкек гарнизонунун аскердик комендатура башкармалыгына тийиштүү сунуштар берилген. Кийинки барууда байкалгандай, гауптвахтанын бардык камералары кулпуланган, бирок сейилдөө короосу дале болсо талаптагыдай абалга келтирилген эмес.



№197,198,199 сүрөттөр. Бишкек гарнизонунун аскердик комендатура башкармалыгынын гауптвахтасы

2024-жылы Ош гарнизонунун аскердик комендатурасынын гауптвахтасында 60 аскер кызматчысы кармалган: 9 адам кылмыш иштери боюнча жана 51 адам укук бузууларга байланыштуу.[29]

Бул гауптвахта эски имаратта жайгашып, кармоо шарттары канааттандырарлык эмес:

- бөлмөлөрдөгү абанын температурасы +8,6 °С - +9,2 °С аралыгында болуп, ушуга байланыштуу ал жерде кармалган аскер кызматчылары кийимчен болушкан (күрмөлөр, тумактар);
- бөлмөлөр, камералар жана дааратканалар кир, ыпылас абалда;
- камераларда керектүү болгон эмерек жок;
- жууркан-төшөктөрдүн эскилиги жеткен;
- душ жана даараткана бузук абалда.

КМ жообу, чыг. №01-3/1719.2024-ж. 19.12

КР КМ жообу, 2024-ж.19.12, чыг.№01-3/17



№200-207 сүрөттөр. Ош гарнизонунун аскердик комендатуранын гауптвахтасы (мурда)

Аныкталган кемчиликтер боюнча тийиштүү акт түзүлүп, кечиктирилгис чараларды көрүү үчүн аймактын аскердик колбашчылыгына жөнөтүлгөн. Алынган расмий жоопко ылайык, аныкталган кемчиликтер жана тартип бузуулар четтетилген: бөлмөлөрдөгү терезелер жылууланган, «генералдык тазалоо жумуштар» менен бирге сырткы оңдоп-түзөө иштери өткөрүлүп, душ бөлмөсүнө жаңы суу кайнаткыч, башка жабдыктары орнотулган, гауптвахтага жаңы жууркан-төшөктөр алынган. Гарнизон башчысынын буйругу менен жоопкер болгон кызмат ээлери өз иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн тартип жоопкерчилигине тартылган.



Фото

№208-215 сүрөттөр. Ош гарнизонунун аскердик комендатуранын гауптвахтасы (кийин)

**Мөөнөттүү аскердик кызматтагы жоокерлердин укуктарын камсыз кылуу**

2024-жылы Улуттук борбор Коопсуздук тармагын башкаруу боюнча Женевадагы борбор менен бирге мөөнөттүү аскердик кызматтагы жоокерлердин жарандык, социалдык

жана экономикалык укуктарынын камсыз кылынышына байкоо жүргүзгөн. Мындай сурап-билүү соңку үч жыл бою (2022-2024-ж.) жүргүзүлдү.

Бул иш-чарада Чүй, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Баткен облустарында жайгашкан 7 аскер бөлүктөрдүн (КМ, ИИМ ИА, УКМК ЧАК) 200 жоокери суроолорго жооп берген. Мурдагы эки жылдагыдай эле (2022-2023), жоокерлердин демографиялык курамы өзгөргөн эмес: негизинен, алар улуту кыргыздар, мусулмандар жана элеттик кыргыз тилдүү жаштар. Аз сандагы этникалык улуттар: өзбектер, уйгурлар жана дунгандар көбүнчө альтернативдик кызматты тандашат.

2024-жылы жоокерлердин көбү (87%) кыйноого жана катаал, кадыр-баркты басмырлаган мамилеге чалдыкпаганын айтышкан. Ошентсе да, респонденттердин 13% андай учурларга өздөрү кабылганын же күбө болгонун айткан. Бул пайыз 2023-жылдын сурап-билүүсүнө окшош, анда суралгандардын 13,4% адамкерчиликсиз жана кадыр-баркты басмырлаган мамилеге чалдыкканын айтып берген.

Соңку үч жылдагы сурап-билүүлөрдүн жыйынтыгы тастыктагандай, жоокерлер арыз жана даттанууларды берүү жол-жобосуно ишенбей калган. Жоокерлердин 38% даттанууларды териштирүү ыкчам жана бейтарап, калыс болбойт деп санайт. Суралгандардын үчтөн бири белгилегендей, алардын өзүнө же күбөлөргө даттануулардын кесепетинин алдын алган, күнөөлүүлөр болсо жоопко тартылат деген кепилдиктер берилбейт (13,5%).

Сурап-билүүнүн жүрүшүндө респонденттердин көпчүлүгү чөнтөк телефондордун жардамы менен чектелген болсо да интернетке чыгып, туугандар жана достор менен баарлашууга, кабарлар порталдардан маалымат алып, коомдук тармактарда пикир алмашууга мүмкүнчүлүк түзүлсө жакшы болмок деген ой-пикирин билдирген.

Мындагы оң көрүнүш, респонденттердин дээрлик баары аскердик кызматка тиешеси жок кандайдыр бир башка жумушка же иштерге тартылбагандыгын белгилешти.

Жоокерлердин турмуш-тиричилик шарттарына тийиштүү, аскерлердин көбү (93%) өзгөчө жайында желдетүү жабдуусун (22,5%) жана дааратканаларды (11%) эске албаганда, жашаган жерине ыраазы экенин билдиришти.

Ошол эле учурда жоокерлердин көпчүлүгү алардын ден соолугуна аскер башчылары камкордук кылып жатканына, медициналык жардамдын сапатына ыраазылыгын билдирген. Айрыкча, бул тууралуу респонденттердин 92,5% билдирген. Мындан тышкары, суралгандардын 80,5% алар жаракат алганда же ооруп калганда медициналык жардам күнү-түнү кол жетээрлик болгонун кабарлаган.

Ошентсе да, аскер бөлүктөрүндө эскирип калган медициналык жабдык дале болсо көп, кээ бир жабдыктар жетишсиз. Кала берсе, алар баштапкы гана жардамды берише алат.

Жоокерлердин басымдүү көпчүлүгү (91%) белгилегендей, аскердик кызмат учурунда алар өздөрүн коопсуз сезишкенин жана эс алууга үзгүлтүксүз убакыт болгонун белгилешти.

Ал эми, 90% ашуун респонденттер аскердеги тамак-ашты жетиштүү, таза суу дайыма кол жетээрлик деп эсептейт.[30]

## Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин карамагындагы мекемелер

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (ЭСКММ) жарандардын аярлуу катмарларын - оор турмуш абалындагы балдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана улгайган адамдарды кошкондо - социалдык жактан камсыздоодо жана колдоодо чечүүчү мааниге ээ. Бул иштин эң маанилүү элементтеринин бири болуп бул жаатта иш-аракет жүргүзгөн социалдык

стационардык мекемелер (ССМ) болуп саналат, алардын негизги маселелерине сапаттуу жана көп тараптуу социалдык көмөктөшүү жана колдоо кирет.

Бүгүнкү күндө республикада 17 ССМ иштейт, алар ар кандай катмарлардагы 2389 жарандарга социалдык колдоо көрсөтөт. Алардын арасында улгайган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн иштеген, ошондой эле психоневрологиялык мекемелер да бар. Алардын милдеттери маанилүү жана көлөмдүү болсо да, бул тармакта кыйынчылыктар арбын.

ССМ тармагына баруууда кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөөчүлөрүнүн укуктары бир катар учурларда бузулгандыгы аныкталган.

1. 2024-жылдын 25-октябрында Улуттук борбордун кызматкерлери **Жайылдагы аялдардын психоневрологиялык ССМ** андагы адамдарды кармоодо одоно бузууларды каттаган. Барган учурда имараттардын биринде (№1) 72 кызмат алуучу аял болгон, бирок алар үчүн 64 гана керебет болгон, ошондуктан калган аялдар полдо жатууга аргасыз. Ал эми алты аял бош жана сыртынан кулпуланган бөлмөдөн табылды, бөлмө суук болсо да, алар жарым-жартылай кийимсиз болгон. Ошондой эле бөлмөдө даарат ушатуу үчүн пластик челек коюлган, андан абдан жийиркеничтүү жыт чыгып турган. Кызматкерлердин айтымында, бул «изолятор» бөлмөсү жазалоо жана тарбиялоо үчүн колдонулат.

Аныкталган фактылар боюнча акт түзүлгөн жана прокуратура органдарына жиберилген. 2024-жылдын 12-ноябрында КЖК 138-беренеси («Уруп-сабап кыйноо») боюнча кылмыш иши козголгон, 4-декабрда болсо кылмыш курамы болбогондуктан териштирүү кыскартылган. Бирок мындай чечимге Улуттук борбор макул болбостон жана берилген далил материалдар эске алынбагандыгын жүйө тутуп, Чүй облустук прокуратурага даттанылган. 2024-жылдын 19-декабрында тергөөчүнүн кылмыш ишин кыскартуу жөнүндөгү токтому жокко чыгарылып, кылмыш ишинин материалдары кошумча тергөө амалдарын өткөрүү үчүн кайрадан жиберилген.






№216,217,218 сүрөттөр. Кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулар чала кийинген абалда Жайылдагы ССМ «изолятор» бөлмөсүндө олтурушат
№219 сүрөт. Жайылдагы ССМ кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулары керебет жетишпегендиктен полдо жайгашкан

2. 2024-жылдын 6-майында **Кадамжайдагы психоневрологиялык ССМ** мекемесинде Д.П. аттуу адамга катаал, адамкерчиликсиз мамиле жазалып, оорусу курчуп кеткенде, аны катуу, талаптарга жооп бербеген аркан менен колу-бутунан байлап коюшкан. Эреже боюнча, андай аркан жумшак, сегиз кабаттуу атайын материалдан тигилиши керек. Анын үстүнө ошондой чараны колдоноор замат бул жөнүндө атайын журналга жазылат. Жапа чеккен Д.П., ошондой эле күбөлөр (кызматкерлер жана кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланган башка да керектөөчүлөр) айтып бергендей, ал адам узак мөөнөткө байланган болчу, бирок бул тууралуу эч кайсыл жерге жазылган эмес.

Мындан тышкары, пайдаланууга жараксыз болуп калган жууркан-төшөктөр менен азык-түлүк, ошондой эле тамак-аштын жарактуулугун тастыктаган сертификаттардын жана мөөнөтү өтүп кеткен дары-дармек сыяктуу көптөгөн санитардык жана медициналык талаптарды бузуу да байкалган.

Байкалган кемчиликтерди четтетүү боюнча мекеменин администрациясына сунуштар берилген.

3. 2024-жылдын 21-ноябрында **Кадамжайдагы психоневрологиялык ССМ** мекемесине кайрадан барганда, ал жерде мурда байкалган кемчиликтер четтетилген эмес. Анын үстүнө ал жакта абдан суук болгон, дализдердеги (коридор) температура ашып барса +5℃ түзгөн, ал эми уктоо бөлмөлөрүндө температура +11℃ - +13℃ аралыгында гана болгон, андыктан ал жердеги адамдар күнү-түнү үстүнкү кийимчен жүрүшкөн. Ошондой эле тамак-аш даярдоо үчүн мекеменин кампасынан жыйырма килограммга жакын эт бөлүнүп берилиши керек эле, иш жүзүндө кайнатылып бышырылган эттин салмагы сегиз килограмм гана болуп чыкты.

Аныкталган фактылар боюнча акт түзүлүп, Кадамжай райондук ички иштер бөлүмүнө жөнөтүлгөн. 2024-жылдын 2-декабрында тергөөчү КЖПК 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде кылмыш ишин козгоодон баш тарткан. 20-декабрда Улуттук борбор тергөөчүнүн токтомунун үстүнөн Баткен облустук прокуратурага даттанган. Прокуратура тергөөчүнүн токтомун жокко чыгарган да, иш материалдары кошумча тергөө амалдарын өткөрүү үчүн жиберилген. Бирок 2025-жылдын 21-январында Кадамжай РИИБ тергөөчүсү кылмыш ишин козгоодон кайрадан баш тарткан.





№220 сүрөт. Кадамжай ССМ Д.П.байланган аркан
№221,222 сүрөттөр. Кадамжай ССМ шарттары





№223,224 сүрөттөр. Имараттардагы канааттандырарлык шарттары, жараксыз абалга келген керебет, төшөк-шейшептер
№225 сүрөт. Эттин документ боюнча жана иш жүзүндө дал келбестиги





№226,227,228 сүрөттөр. Кызмат көрсөтүүлөрдүн пайдалануучулары түнү да сырт кийимчен жана жоолукчан жатышат

Ошондой эле бир катар башка ССМ баруууда (Сузактагы жана Бакай-Атадагы улгайган кишилер үчүн жалпы типтеги жана мүмкүнчүлүгү жектелген адамдар үчүн ССМ, Жалал-Абад шаарындагы «Алтын-Уя» балдардын психоневрологиялык жатак үйү),

жогоруда айтылгандай эле көйгөйлөр байкалган: душтардын жана дааратканалардын жетишсиздиги, ички документацияны жүргүзгөндөгү кемчиликтер (ашкананын айрым кызматчыларында санитардык китепчелер жок болсо, башкаларында алар одоно тартип бузуулар менен толтурулган), азык-түлүктөрдүн сакталышы жана мөөнөтү жагынан жарактуулуугу боюнча тартип бузуулар болгон.

Аталган мекемелерде байкалган кемчиликтерди жоюу боюнча иш-аракеттер кылынса дагы, кээ бир ССМ анча дурус эмес абалда. Ал көйгөйлөр каржылоого гана эмес, кызматкерлердин өзүнө да байланыштуу (аларда эмгекке кызыгуу себептери жок, эмгек акысы төмөн, өз кесибин аркалоодо урмат-сый көрбөйт, тажрыйбасы жетишпейт).

## Саламаттык сактоо министрлигинин карамагындагы мекемелер

Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо тутуму камтыган мекемелердин арасында психиатриялык жана башка адистешкен мекемелер өзгөчө орунду ээлейт. Алар адамдарга өтө зарыл жардамды берип, пациенттерге өзгөчө көңүл бурушат жана алардын эмгеги оорулуу адамдардын укуктарын сактоону өзгөчө талап кылат.

Өлкөдө 5 психиатриялык жана наркологиялык мекемелер жана облустук, шаардык ооруканалардын алдындагы 5 бөлүм бар, аларда 1473 оорулуулар дарыланат. Мындай мекемелерде коопсуз чаралар жана пациенттер үчүн катуу тартип алдын ала каралган жана мекемелердин өзгөчөлүгү – алардын обочо жайгашуусу, бул жерге келгендердин санын чектеп, дарылануу үчүн атайын шарттар түзүлгөн.

Аталган мекемелерге барууда аларда бир катар орчундуу кемчиликтер жана тартип бузуулар байкалган.

4. 2024-жылдын 18-апрелинде **Психиатриянын жана наркологиянын республикалык борборуна (мындан ары - ПНРБ)** барганда, ал жерде төмөнкү кемчиликтер жана тартип бузуулар байкалган. Имараттардын көпчүлүгү оңдоп-түзөөгө муктаж, оорулууларга эскилиги жеткен керебеттер, жууркан-төшөктөр берилген, ашканада болсо жабдуу жетишпейт. Эки бөлүм тең оорулууларга жык толгон, ошондуктан кошумча керебеттер дализге чейин коюлуп кеткен. Ал эми оорулуулардын тамак-ашы менен медициналык камсыздоого күнүнө 92 сом гана бөлүнөт. Мекеменин жетекчилиги айткандай, бул каражат, албетте, жетишсиз жана мындай акчага пациенттерди толук кандуу тамактандырып, ошол эле учурда жетиштүү медициналык колдоо мүмкүн эмес.

Аныкталган кемчиликтер боюнча акт түзүлүп, Саламаттык сактоо министрлигине жиберилген. Жетекчи мекеме өз жообунда аталган кемчиликтер каржылоо жетишсиздигинен келип чыкканын айткан.





№229,230,231 сүрөттөр. Имараттагы жараксыз абалы (душ, даараткана)

 

№232 сүрөт. Төшөк жабдуулары
№233 сүрөт. Толуп кеткен бөлмө

5. 2024-жылдын 12-февралында **Баткендеги бириккен облустук оорукананын психонаркологиялык бөлүмүнө** барууда бир катар кемчиликтер менен тартип, эреже бузуулар орун алган. Азык-түлүк кампасы булганыч абалда болгон, азык-түлүк чаржайыт сакталган (мисалы, акшак, макарон азыктары менен жашылча бир эле жерде сакталган). Тараза бузук болгондуктан, тамак жасоо үчүн азык-түлүк болжолдуу гана бөлүнүп берилген. Кампа тизмесинде бар деп жазылган сүт азыктары менен колбаса жок болуп чыкты. Документацияны текшергенде, көп журналдар сапатсыз, иретсиз тотурулганы, айрымдары толтурулбаганы же жок экендиги анык болду (мисалы, пациенттерди каттоо журналы жүргүзүлбөйт). Жыйынтыгында аныкталган кемчиликтер боюнча акт түзүлүп, мекеменин администрациясына берилген. Бир жума өткөн соң мекеме администрациясы актыны карап чыгып, жыйынтыгында шалаакылыкка жол берген бир катар кызматчылар «эскертүү» түрүндө жаза берилгендигин билдирген.

   

№234,235 сүрөттөр. Сейилдөө короосу менен кампанын абалы
№236,237 сүрөттөр. Сактоо эрежесине дал келбөөсү

6. 2024-жылдын 3-декабрында **Ош шаарындагы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген буттары оорулуу балдар үчүн реабилитациялык борборго** баруу жүргүзүлгөн. Бул мекемедеги кемчиликтер негизинен санитария, азык-түлүктү сапаттуу сактоого, эмеректин жана жууркан-төшөктөрдүн эскиргенине тиешелүү жана жогорудагы эле мисалдарга окшош. Буттары оорукчал балдардын адистешкен ооруканасында имаратка кире бере турган жерде же пандустар, же лифт жок, душ менен дааратканалар, имараттагы эмерек да мындай балдардын муктаждыктарына ылайык келтирилген эмес. Анын үстүнө Улуттук борбордун кызматкерлери ал жакка барган учурда суук болуп, балдар менен ата-энелер имаратта сырт киймчен жана баш кийимчен отурган.





№238,239,240 сүрөттөр. Борбордо мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн атайын жабдуулар жок






№241 сүрөт. Талапка ылайык келбеген керебеттер
№242 сүрөт. Кир жана эскилиги жеткен матрастар
№243 сүрөт. Тамак-аш азыктарын сактоонун санитардык нормаларынын бузулушу
№244 сүрөт. Антисанитария жана даараткналардын жетишсиздиги

Жыл бою башка дагы мекемелерге барууда, Улуттук борбор аныктаган кемчиликтер менен тартип бузуулар улам кайталанып жаткандыгын баса белгилейт. Мисалы, ПНРБ, Оштогу психиатрия жана наркология боюнча облустук борборунда бейтаптарды жайгаштырууда олуттуу кыйынчылыктар уланып келет. Ага удаа эскилиги жеткен инфратүзүм түйшүктөрү ар бир мекемеде орун алган. Мындан улам дээрлик ар бир мекеме капиталдык же сырткы ремонт жасоого муктаж. Мекемелердин көпчүлүгүндө дары-дармекти сактоо жана алардын сапаты боюнча көйгөйлөр катталган. Мисалы, Нарындагы бириккен облустук ооруканасынын психонаркологиялык бөлүмүндө кош бойлуу аялдардын дарылануусу үчүн керектүү шарттар жок. Чым-Коргондогу республикалык психонаркологиялык ооруканада (РПНО), Кызыл-Жардагы РПНО, Жалал-Абаддагы облустук психикалык саламаттык борборунда, Лейлек районундагы Жалпы дарыгерлик практикасынын борборунда дайыма эле тазалык боло бербейт, ошондой эле мөөнөтү өтүп кеткен азык-түлүк пайдаланылган.

Министрлик оорулуулар үчүн шарттарды жакшыртууга аракет кылса дагы, саламаттык сактоо тармагында дале болсо көйгөй-түйшүктөр арбын. Эскилиги жеткен имараттардын абалы, ал жердеги тазалыктын жоктугу, тамак-аш менен дары-дармектин жетишсиздиги, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн талаптагыдай шарттардын болбогондугу, материалдык-техникалык жабдууну, медицина адистеринин кесибине кызыгуусун арттырууну жана майыптыгы бар адамдар үчүн шарттарды жакшыртууну кошкондо, бул ар тараптуу, комплекстүү чечүүнү талап кылган чоң көйгөйлүү маселе болуп эсептелет.

## Билим берүү жана илим министрлигинин карамагындагы мекемелер

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында билим берүү мекемелеринин ар кандай типтерине, анын ичинде жетим балдарды жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдарды, ошондой эле өзгөчө муктаждыгы бар балдарды окутууда жана укуктарын камсыз кылууда маанилүү роль ойногон мектеп-интернаттарга өзгөчө көңүл бурулат. Билим берүү жана илим министрлигинин карамагында республика боюнча

мындай 63 мекеме иштейт. Мектеп-интернаттарга баруу учурунда бир катар олуттуу мыйзам бузуулар аныкталган.

7. 2024-жылдын 14-февралында **Араван районундагы А.Тургунов атындагы №23 мектеп-интернатына** барганда жашоо шартын, азык-түлүк коопсуздугун, ошондой эле медициналык камсыздоону одоно бузуулар аныкталган. Алсак, кыздар үчүн эки уктоочу бөлмөдө жайгаштыруунун белгиленген санитардык нормалары бузулгандыгы аныкталган (бир окуучунун аянты 4 кв.м. кем болбоого тийиш). Бул учурда дааратканадагы жана мончодогу антисанитария, ошондой эле даараткананын эшиктери ичинен жабылбайт. Гигиеналык каражаттар (даарат кагазы, суу куюлган кумуралар) жана даараткананын жанында кол жуучу жай жок. Сырткы даараткананын сыйымдуулугу учурдагы балдардын санын (405 окуучу) жаба алган жок. Уктоочу бөлмөлөрдө шкафтар жана тумбочкалар, ал эми бир окуучунун керебетинде матрас жок болгон. Ашкана инвентарлары жана эмеректер жаңыланууга муктаж, тамак-аш даярдоонун сапатын эсепке алуу жана көзөмөлдөө журналы жүргүзүлгөн эмес, тамак-аш азыктарын сактоо эрежелери бузулган (жашылчалар жерде сакталган, бузулгандар өз убагында сорттолгон эмес), ошондой эле жарактуулук мөөнөтү өтүп кеткен тамак-аш азыктары (мөөнөтү өтүп кеткен колбаса, 11 даана) аныкталган. Медициналык кабинетте суу жок болгондугуна байланыштуу, дачный тибиндеги тумба менен жуунгуч колдонулган, биринчи жардам аптечкасы жок, бардык журналдар жана китептер толук эмес, дары-дармек каражаттары жетишсиз жана арасында мөөнөтү өтүп кеткендер болгон.

Жыйынтыгында тартип бузуулар тууралуу акт мекеменин жетекчилигине жана прокуратура органдарына жөнөтүлгөн. Актыларды кароонун жыйынтыгында тартип бузуулар четтетилип, директор жана анын орун басарлары иштен бошотулган, ошондой эле капиталдык оңдоо үчүн республикалык бюджеттен кошумча финансы каражаттары бөлүнгөн.





№245,246 сүрөттөр. Ашканадагы шаймандардын жараксыздыгы
№247 сүрөт. Калпада жер-жемиштер талапка ылайык сакталбайт




№248 сүрөт. Матрастын жетишсиздиги
№249 сүрөт. Дааратканадагы антисанитария

8. 2024-жылдын 20-майында **Ош облусунун Ноокат районундагы М.Гапаров атындагы жөндөмдүү балдардын жатак гимназиясында** турмуш-тиричилик жаатындагы бир катар кемчиликтер аныкталган. Алардын ичинде азык-түлүктүн сакталышы кооптуу, окуу имараты менен жатакана капиталдык ремонтко муктаж.

Имараттагы электр зымдарынын кабыгы сыйрылып, алар ачык калган. Мончо жок, ал эми имараттагы душ жана дааратканалар иштебейт. Имаратта кир жууш, кургатуу жана үтүктөө үчүн жайлар жок. Сыртта жайгашкан даараткана абдан ыпылас абалда, ал жердеги балдар үчүн өтө жетишсиз. Ашканада кол жуучу орун каралган эмес, ал сыртта жайгашкан, бирок ал жерге жана жатаканага гигиеналык каражаттар - самын, чачыктар коюлган эмес. Кээ бир азык-түлүктүн сертификаты болгон эмес жана сактоо эрежелери бузулган. Акшактар жерде жыйылган, алты литрлик өсүмдүк майдын жана томат пастанын өндүрүлгөн убактысы жана жарактуу мөөнөтү көрсөтүлгөн эмес.

Кемчиликтер тууралуу акт түзүлүп, Ош облусунун прокуроруна жиберилген. Текшерүүнүн жыйынтыгы менен мекеме директоруна карата он миң сом өлчөмүндө айып салынган. 2024-жылдын 24-сентябрында аталган мекемени кайра текшерип барганда, мурда аныкталган кемчиликтер четтетилбеген болуп чыкты, бул тууралуу кайтадан акт түзүлүп, Ноокат райондук билим берүү бөлүмүнө жөнөтүлдү.





№250 сүрөт. Дааратканада антисанитария, тосмолору, эшиктери жок
№251 сүрөт. Колу-бетти жуучу жайда самын, башка тазалык каражаттары жок
№252 сүрөт. Жашылча тартип бузуу менен сакталат




№253 сүрөт. Бөлмөлөр капиталдык ремонтко муктаж
№254 сүрөт. Колдонууга болбой турган электр зымдары

9. Ушул сыяктуу эле көптөгөн кемчиликтер 2024-жылдын 8-февралында **Баткендеги академик Т.Садыков атындагы облустук көркөм сүрөт мектеп-интернатына** барганда аныкталган. Ал жерде сакталган азык-түлүктүн шайкеш сертификаттары жок жана аларды сактоо эрежелери бузулган, даамдарды даярдоо журналы толтурулган эмес. Кампачы жана мээрман айым балдардын тамактануу нормаларын билбейт, аларга тамак-аштын наркы 110 сом түзөөрү гана белгилүү. Дары-дармек дээрлик жок, тийиштүү журналдар жүргүзүлгөн эмес, медперсонал маалым кылгандай, бала ооруп калса, аны дароо эле үйүнө жиберишет. Уктоо бөлмөлөрүндө балдардын баарына эмерек жетишсиз, жууркан-төшөгү эскилиги жеткен, душ жана мончо бөлмөлөрү деги эле жок, ошондуктан балдар өз эсебинен коомдук мончолорго барышат, ашкана менен дааратканалар ыпылас абалда. Балдардын убакыт өткөрүү, эс алуу мезгилдери уюштурулган эмес. Эс алууу бөлмөнүн өзү да, ал турсун телевизор да жок.

Мындай абал жөнүндөгү акт Баткен облустук прокуратурасына жөнөтүлүп, текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Баткен шаардык билим берүү башкармалыгынын

башчысына аталган кемчиликтерге жол берген кызматчыларды тартип жоопкерчилигине тартуу, ошондой эле кемчиликтерди жоюу жөнүндө сунуштама киргизилген.





№255,256 сүрөттөр. Шейшептер, тумбочкалар жана шкафтар жетишсиз
№257 сүрөт. Даараткананын абалы, эшиктери жок

10. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2024-жылдын 22-майында № 2080-VII Токтомун кабыл алганына карабастан, Кара-Суудагы дүлөй балдар үчүн адистешкен бала бакчада ушул күнгө чейин балдарды ысык тамак менен камсыз кылууда каржылоонун тартип бузуулары орун алып келет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Социалдык чөйрөнүн мекемелеринде тамактануунун акчалай нормалары жөнүндө» 2008-жылдын 15-январындагы №7 Токтомуна ылайык, бир баланын тамактануусуна болгону 28 сом бөлүнөт. Бул каражат иш жүзүндөгү муктаждыктардан кыйла төмөн. Улуттук борбор бул маселени 2023-жылы да көтөргөнү менен, маселе азыр да чечиле элек.

Жатак мектептерде, өзгөчө муктаждыктары бар балдардын мекемелеринде жашоо шарттарына, санитария, азык-түлүк коопсуздугуна жана медициналык тейлөөгө байланышкан көптөгөн көйгөй-түйшүктөргө дуушар болуп келет. Көңүл буруп коё турган бир жагдай, башка мекемелерге барганда (Беловодскийдеги атайын жалпы билим берүүчү мектеп-интернат, №12 Адистештирилген коррекциялык мектеп, И.Раззаков атындагы мектеп-интернат, Кара-Суу районундагы кулагы начар уккан мектеп-интернат, Ж.Ниязов атындагы мектеп-интернат, Н.Исанов атындагы мектеп-интернат, Ысык-Көлдөгү Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернат, М.Мырзабеков атындагы №87 кесиптик лицей, Таластагы жалпы билим берүүчү мектеп-интернат, «Манас» лицей-интернат, Сагын Кожобаева атындагы мектеп-интернат, Төмөнкү-Чүйдөгү психикалык өнүгүүсүнүн кечигиши (ПӨК) бар балдардын мектеп-интернат, Нарындагы Ү.Асанов атындагы лицей-интернат, «Нур-Булак» үй-бүлө түрүндөгү балдар үйү, Кызыл-Кыядагы Исхак Раззаков атындагы лицей) жогоруда баяндалгандай эле кемчиликтер менен тартип, эреже бузуулар аныкталган. Бул жаатта көрүлгөн чараларга карабастан, кала берсе айрым жетекчилерди кызматтан алып жиберип, оңдоп-түзөө иштерине каражаттар бөлүнсө да, ал мекемелердеги көйгөй-түйшүктөр дале болсо сакталып келет.

## 3-БӨЛҮК. КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР

### Бөгөт коюу чарасы

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарында төмөндөгүдөй бөгөт коюу чаралары каралган: эч жакка кетпөө жөнүндө колкат; электрондук байкоо жүргүзүү; аскер бөлүгүнүн башчылыгынын байкоосуна өткөрүп берүү; баланы ата-энесинин же аларды алмаштырган тараптар же уюмдардын кароосуна өткөрүп берүү; күрөө; үй камагы; камакка алуу. Ошентсе да, укук коргоо органдары дээрлик бардык учурларда шектелген адамдарды тергөө мөөнөтүндө камакка алышат.

Ошол эле учурда чоң коркунуч келтирбеген кылмыштар жана анча оор эмес кылмыштар үчүн камакка алуу каралган эмес. Бирок өзгөчө жагдайларда аталган баш

коргоо чарасы 5 жылга чейинки эркинен ажыратуу жазасы каралган учурларда жана төмөндөгү жагдайлар болгондо колдонулушу мүмкүн: 1) айыпталып жаткан кишинин Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу же убактылуу жашоо жери болбогондо; 2) анын ким экендиги аныкталбаганда; 3) ал ага карата колдонулган бөгөт коюу чарасын мурда бузган; 4) ал тергөө жүргүзгөн органдан же соттон качып кеткен.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун маалыматына ылайык, 2024-жылы соттор камакка алуу тууралуу 6373 өтүнүчтү карашкан, 5794 учурларда мындай чараны колдонуу өүнүчү канаат кылынган. Ошол эле учурда үй камагын сот 263 учурларда жактырган, эч жакка кетпөө жөнүндө чечимди сот 3 жолу чыгарган, электрондук байкоо жүргүзүү 1 учурда колдонулган, ал эми күрөө берүү бир да жолу колдонулган эмес.[31]

Камакка алуу эң катуу чара болуп саналат жана өзгөчө гана шарттарда колдонулууга тийиш, бул эл аралык жана улуттук мыйзамдардын талабы. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт жана адам укуктарынын Жалпы декларациясы жеке эркиндикти да, жеке адамдын бүтүндүгүн да тааныйт жана коргойт. Эркиндик жана жеке кол тийбестик өзүнөн-өзү баалуу, ошондой эле тарых көрсөткөндөй, эркиндигинен жана кол тийбестигинен ажыратуу адамдын башка укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуунун негизги жолу болуп саналат.

БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин №35-жалпы байкоолоруна ылайык, адамды эркинен ажыратуу үчүн бирөөнүн гана каалоосу болбошу керек жана мыйзамдын үстөмдүгү принцибин урматтоо менен жүзөгө ашырылууга тийиш. Камакка алууну бөгөт коюу чарасы катары жүзөгө ашыруу кандай гана жагдайларда болбосун акылга сыярдык, жөнү бар чара болууга тийиш. "Ээнбаштык" түшүнүгүн "мыйзамдуулукка каршы" түшүнүгүнө теңештирбестен, максатка ылайыктуулуктун, зарылчылыктын жана пропорционалдуулуктун элементтери менен бирге ага алгылыксыздык, адилетсиздик, күтүүсүздүк жана процесстик кепилдиктерди сактабоо элементтерин камтуу менен кеңири чечмелөө керек. Мисалы, бөгөт коюу чарасы катары камакка алуу бардык жагдайларда акылга сыярлык жана зарыл болушу керек.

Көп учурларда күнүмдүк иш тажрыйба көрсөтүп тургандай, судьялар иштин материалдары менен жетиштүү таанышпастан, болгон окуялардын баарын тыкан иликтебей, тергөөчүнүн пикирине дароо эле кошула калып, айыпталуучуну камакка алуу боюнча чечимин чыгарат. Мындай чара камалган адамга кошумча басым кылуунун дагы бир чарасы болуп калат. Көпчүлүк учурларда тергөө органдары соттон баш коргоонун катуурак чарасын сурашат, анткени бул камалган адамды тергөөчү менен «кызматташууга» түртөт. Эл аралык тажрыйбада камакка алуу – эң катуу, оор чара, ал коркунучтуу кылмышкерлерге гана карата колдонулат. Ал эми Кыргызстанда улгайган, оор өнөкөт оорулары бар адамдар, ал түгүл кош бойлуу аялдарга чейин камакка алынгандыгы, алардын ден-соолугунун начар абалын дагы начарлатышы мүмкүн.

Улуттук борбор соңку жылдарда камак жайларында камалгандар талаптарга жооп бербеген шарттарда кармалып жаткандыгын тынбай айтып келет. Жогоруда белгиленгендей, Талас жана Баткен облустарында тергөө изоляторлору жок, буга байланыштуу камакка алынган адамдар кармалган адамдарды кыска мөөнөткө кармоо үчүн каралган убактылуу кармоо изоляторлорунда кармалууда.

Өнүккөн укуктук системасы бар өлкөлөрдө камакка алуу коомго же сот процессине реалдуу коркунуч туудурган адамдарга гана колдонулат. Кыргыз Республикасы камакка алууну колдонуунун негиздүүлүгүнө көзөмөлдү күчөтүү менен мындай өлкөлөрдүн тажрыйбасын кабыл алуусу маанилүү. Мындан тышкары, кыйла гумандуу бөгөт коюу чараларын колдонуу, бул эл аралык милдеттенмелерди аткаруу гана эмес, ошондой эле мамлекеттик бюджетти үнөмдөө. Бүгүнкү күндө бир кармалганга суткасына орточо 486 сом (тамак-аш, дары-дармек, кийим-кече, күзөт ж.б.) сарпталат. Эгер бул көрсөткүчтү

---

КР Жогорку сотунун жообу, чыг.№01-22/209, 2025-ж.06.02

камактагы 6 миң адамга көбөйтсөк, күнүнө дээрлик үч миллион сом чыгат - бул сумма алда канча маанилүү колдонууга болот.

**Кармоо учурунда күч колдонуунун ченемдиги**

Кыргыз Республикасында кармоодо орой күч колдонуу жана атайын күчтөрдү тартуу көнүмүш болуп баратат. Атайын нускамада шектүүлөрдү кармоо операциясын жүргүзүү үчүн кайсы учурларда жана канча куралдуу кызматкерлер жана атайын каражаттар керек экендиги так көрсөтүлгөн. Кармоо учурунда күч колдонуу кармалган адамдын каршылык көрсөтүү даражасына жана ал келтирген коркунучка пропорционалдуу болушу керек. Кармоо үчүн эки оперативдүү кызматкер жетиштүү болсо дагы, укук коргоо органдары атайын багыттагы отряддардын кызматкерлерин негизсиз күч колдонуу үчүн пайдаланышат.

Кызматкер кармалып жаткан адамга урматтоо мамиле кылып, жеткилең тилде анын укуктарын, ал эмне себептен, кандай кылмыш жасагандыкта шектелип жаткандыгын, адвокаттын кызматынан пайдаланууга, өзүнө каршы көрсөтүү бербей коюуга укугу бар экендигин, ал турсун ал киши айткандын баары сотто анын өзүнө каршы колдонулушу мүмкүн экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү. Мындай жоболор «Миранда эрежелери» аталышта белгилүү жана укук коргоо органдарынын кыянат иш-аракеттеринин алдын алат. Атайын багыттагы топ жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери, олдоксон, орой күч колдонушуп, колго түшүрүлүп, камалып жаткан жаранга анын эч кандай укуктарын түшүндүрүп бербейт.

Ошол эле учурда андай олдоксон колго түшүрүү адамдын ар-намысы менен кадыр-баркына шек келтирип, ден соолугуна зыян гана келтирбестен, кырсык менен аякташы ыктымал. Мындан тышкары, күч колдонууда ченемдик болбогон соң, ким болбосун, мисалы, аялдар жана улгайган адамдарбы, алар да кудум ушундай одоно түрдө колго түшүрүлүшү мүмкүн.

---

Мисалы, ушул жылдын март айында коомдук тармактарда бир видео таратылган, анда көрүнүп тургандай, 2024-жылдын 27-мартында Жалал-Абад шаарынын ИИБ атайын багыттагы топтун кызматкерлери бир эркек адамды колго түшүрүп жатканда аны аёосуз токмоктоп жатканын көрүүгө болот. Болгондо да, ал адамдын колдору байланып, аны жерге каратып жаткырып коюп, милициянын кызматкерлери аны бетине жана денесинин башка мүчөлөрүнө да тепкилешкен.

Мындай кырдаалда кармоо учурунда ашыкча күч колдонууну катаал мамиле катары баалоого болот. Буга байланыштуу, Улуттук борбор Башкы прокуратурага эки пункт боюнча кайрылуу даярдады: ИИБ кызматкерлери тарабынан кармалганда ден соолукка атайылап зыян келтирүү жана бейбаштыкка шектелген адамды кармоо үчүн тартылган күчтүн (атайын багыттагы топтун) ченемсиздиги.

Тергөөгө чейинки текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча, КЖПК 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.

---

Өлкөдөгү абалды өзгөртүү, жарандардын укуктарын коргоо жана коомдун укук коргоо тутумуна болгон ишенимин калыбына келтирүү үчүн ал органдардын иш-аракеттеринин үстүнөн коомдук жана соттук көзөмөлдү күчөтүү керек. Камалуунун ар бир учуру видеого тыкан тартылышы, ал эми кызматкерлер мыйзамды так аткарып, колго түшүрүлүп жаткан адамга анын укуктарын толук түшүндүрүп бериши кажет. Ушуга байланыштуу даттануу келип түшсө, прокурор ошол видеону көрүп чыгып, укуктук баа бере алат.

## Жабык мекемелердеги коопсуздук

ЖАК кызматкерлеринин, башка кызмат ээлеринин, мекемелердин аймагына келген башка жарандардын, ошондой эле камактагылардын өздөрүнүн жеке коопсуздугун камсыз кылууга шарт түзүү – бул ЖАК мекемелеринин жана органдарынын милдети.[32] Камалгандардын жеке коопсуздугуна болгон укугу мыйзамдарда бекитилген.[33] Бирок мекемелердин жетекчилиги көргөн чаралар дайыма эле натыйжалуу боло бербейт.

ЖАК мекемелериндеги көйгөйлөрдүн арасында - жеке коопсуздук үчүн коркунуч бар. Булардын арасында кызматкерлердин өз иш-милдеттерин ак дилден аткарбагандыгы. Мисалы, 2024-жылдын 5-январында №31 дарылоо-түзөтүү мекемесинин ашканасында асынган (же асылган) абалда тергөө астындагы А.Б.Абдылдаев (Арстан Алай) табылган. Бул каргашалуу окуя ар кандай кырсыктардын алдын алуу жана көзөмөл жүргүзүү тутумунун кемчиликтерин таамай көрсөтүп турат.

Дагы бир олуттуу коркунуч – бул камак жайларындагы көмүскө маданият. Ал көп учурларда расмий мамилелерге атаандаш болуп, зордук-зомбулуктун, ырайымсыздыктын күчөшүнө алып келет. Камалгандардын арасында бул жагдай өзүн күнөөлөп коюуга, ал турсун өз жанын кыйып салууга да себеп болот. Кала берсе, камак жайларындагы мындай көмүскө маданият камалгандардын арасында теңчилик, тең укуктуулукту да ыдыратат. Мисалы, ТИЗО-1 кармалган К.К. аттуу аял аны бир камерада кармалган, «өзгөчө» макамы бар дагы бир аял системалык негизде сабап, басым кылып келе жатканын айтып берген.

Камактагы адамдын ден соолугу менен өмүрүнө карата башка камалгандар тарабынан коркунуч пайда болсо, кызматкерлер ал коркунучту четтетүүгө бардык чараларды көрүшү кажет.[34] Ошондой чаралардын бири катары андай коркунуч астында калган адамды башка, обочолонгон бөлмөлөргө (ШИЗО, ПКТ, ПБО) которууну колдонууга болот. Бирок мындай мүмкүнчүлүк дайыма эле боло бербейт, себеби ошол адам ал жерден врачка көрүнүү, мончого түшүү же туугандары менен учурашуу үчүн эртеби-кечпи чыкканда, камакта отурган башка адамдар ага кол салышы ыктымал.

Мыйзамдарда камалгандардын айрым катмарларын бөлүп кармоо каралса дагы, жазаларды аткаруу тутумунда дале болсо бул жаатта тартип бузулуп келет. Улуттук борборго М.Д. аттуу аял кайрылып, аны тергөө амалдарына алып кетип жатканда, ал жалаң гана эркектер менен бирге атайын унаа ичинде барган. Ал унаанын ичинде ага рухий басым кылынып, оозеки асылуу жана сексуалдык мүнөздөгү ыпылас, мазактаган сөздөр айтылган.

Тергөө абактарда мыйзамдын айыпталуучулар менен соттолгондорду экиге бөлүп кармоо талабы көп учурларда бузулуп жатат.[35] Ар кандай жаш курактагы, таламдары бөлөк, ар кайсы процесстик макамдагы жана кулк-мүнөзү түркүн адамдар бир камерада кармалганда, мунун өзү алардын арасында чыр-чатактардын жана зордук-зомбулуктун чыгып кетишин күчөтөт.

## Жабык мекемелерде чет өлкөнүн жарандарынын болуусу

Жабык мекемелерге баруунун жүрүшүндө Улуттук борбор Кыргыз Республикасынын жарандары менен катар чет өлкөнүн жарандарына жана жарандыгы жок адамдарга да барат. 2024-жылы ЖАК мекемелеринде 280 чет өлкөлүк жарандар

---

Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» КР Мыйзамы

[33] ЖАК 16-беренеси

[34] «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренеси, ошондой эле ЖАК 19-беренеси

[35] «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренеси

жазасын өтөгөн. Улуттук борбор 2024-жылы 236 чет өлкөлүк жаран менен маектешип, алардын ичинен 20 адам кармалуунун канааттандырарлык эмес шарттарына, катаал мамилеге, котормочунун жоктугуна даттанып, алардын өткөрүп берилишин сурап жаткан мамлекетке которуу жагынан кооптонуп жаткандыгын билдиришкен, анткени ал мамлекеттерде аларга карата кыйноолор жана катаал мамиле колдонулушу мүмкүн.

Жабык мекемелерде кармалган чет өлкөнүн жарандар туш болгон негизги көйгөйлүү маселелер жана кыйынчылыктар мекеменин ичинде адвокат же укук коргоо органдарынын кызматкерлери менен баарлашуу үчүн котормочу менен камсыз кылуудагы кыйынчылыктар болуп саналат.

Чет өлкөнүн жарандардын көпчүлүгүндө медициналык камсыздандыруу, жетиштүү каржы каражаттары же мамлекет аймагында урук-тууганы жок, ушундан улам бул кармалган адамдар медик адистердин жардамын жана керектүү дары-дармек алууга да мүмкүнчүлүгү жок. Мисалы, С гепатити бар жана инсулинге муктаж болгон кант оорулуу камалгандар атайын мамлекеттик программанын алкагында акысыз дарыланат, бирок андай жардам Кыргызстандын гана жарандарына берилет.

Алсак, Каракол шаарындагы ТИЗО-23 барганда, ал жерде кармалып турган Өзбекстан Республикасынын жараны болгон С.К. аттуу аял шашылыш түрдө ооруканага жаткырылууга жана хирургиялык операцияга муктаж болгон. Улуттук борбор киришкенден кийин гана ал аялды Ысык-Көл облусунун аймактык ооруканасына жаткырып, жүрөгүнө ийгиликтүү операция кылышкан. Ошол эле мекемеде Россия Федерациясынын камалган жараны Ш.Д. буту катуу ооруп калгандыктан жабыркаган, ал дагы Улуттук борбор киришкен соң дарыгерлердин көп тармактуу иликтөөсүнөн өтүп, анын натыйжасы боюнча Бишкектеги жеке менчик клиникага жаткырылып, операция жасалган.

Улуттук борбордун мандаты жабык мекемелерде кармалып, башпаанек сурап жаткан, аларды сурап жаткан мамлекетке өткөрүлүп берилсе, кыйноолорго жана катаал мамилеге кабылышы мүмкүн болгон жарандарга да жайылтылат. Качкын катары баш паанек өтүнүчүн каттоонун шарттарынын бири – ал адам менен ыйгарым укуктуу органдын (ЭСКММ) өкүлүнүн өз ара маеги. Бирок КЖПК жана ЖАК жоболоруна ылайык, андай расмий өкүлдөрдүн жабык жайларга барышы чектелген. Мындай учурларда ЭСКММ Башкы прокуратурага кайрылып, уруксат беришин сурайт, бирок көзөмөл органы дайым эле андай суранычтарды аркандай себептерден улам канааттандыра бербейт. Андай уруксатты төрт жолу сурап, ЭСКММ кызматкерлери бир гана жолу ала алган.

Качкын макамын сурап жаткандарга жардам берүү максатында БУУнун Качкындар боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгынын колдоосунда Улуттук борбор Башкы прокуратура менен бирге «Башка адамдар менен бирге баш паанек сурап жаткан адамдар алардын өткөрүп берилишин сурап жаткан мамлекетке которулса, аларга карата кыйноо жана катаал мамиле колдонулушунун тобокелдигин баалоо боюнча нускама» аттуу документти иштеп чыгарган.

2024-жылы аталган Нускама Улуттук борбор тарабынан ЖАК тергөө абактарында сыноодон өткөрүлгөн. Ал жерлерде качкын макамын сурап кайрыла турган адамдарды аныктоо үчүн чет элдик 135 жарандар менен жолугушуулар болгон. Алардын бири Монголиянын жараны болгон, Г.У.С, Улуттук борборго кайрылып, ал Монголияга өткөрүлүп берилсе, кыйноого алынып, катаал мамилеге кабылаарын айткан. Бул арыз ЭСКММ министрлигине жиберилип, качкын макамын берүү жөнүндө өтүнүч катталган.

## КАУБ ИШМЕРДИГИНЕ ТЕРС ТААСИР ТИЙГИЗГЕН ЖАГДАЙЛАР

Ушул күнгө карата Кыйноолордун алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук борбору өз ишмердигин мандатынын негизинде, кандайдыр бир чектөөлөрсүз жүргүзүп келүүдө.

Мамлекет тарабынан алдын ала аракет кылуунун улуттук жол-жобосун бекемдөө боюнча чаралар көрүлүп жатат. 2022-2023-жылдары Улуттук борбордун кызматкерлеринин эмгек акысы жогорулатылып, штаттык саны төрт кишиге көбөйтүлгөн, ыкчам башкарууга бир жеңил унаа бирдиги алынган. 2024-жылы Улуттук борбордун Өнүгүү жана кызыктыруу фонду ачылган. Алдын ала пландаштырылган бардык бюджеттик каражаттар өз убагында бөлүнүп берилүүдө, 2024-жылдын бюджети толук бойдон өздөштүрүлгөн, ал эми 2025-жылдын бюджети инфляцияга карата түзөтүү менен түзүлгөн жана бекитилген.

Жагымдуу көрүнүштөргө карабастан, Борбордун ишмердигине терс таасирин тийгизген белгилүү кыйынчылыктар жана жагдайлар жок эмес. Акыркы эки жылдын ичинде кээ бир жогорку мамлекеттик ишмерлер тарабынан Улуттук борборду жабуу же Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институту (Омбудсмени) менен бириктирүү жөнүндө маселе улам көтөрүлүп келет.

Мындай тариздеги маалымат Улуттук борбордун ишине жана ишмердигине, биринчи кезекте Улуттук борбордун мамлекеттик органдар жана ведомстволор, жарандык коом жана эл аралык уюмдар менен өз ара иш-аракет жүргүзүүсүнө, ошондой эле кызматкерлердин моралдык-психологиялык абалына жана ишке болгон кызыгуусуна терс таасирин тийгизип жатат. Улуттук борбор эки бөлөк мандатка ээ болгон жана ар түрдүү иш-милдеттерди аткарып жаткан укук коргоо боюнча эки органды бириктирүү «Бириккен Улуттар Уюмунун Кыйноолордун жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле же жазалоонун алдын алуу боюнча конвенциясына кошулуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, 2006-жылдын 22-июнунда күчүнө кирген «Бириккен Улуттар Уюмунун Кыйноолордун жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле же жазалоонун алдын алуу боюнча конвенциясынын Факультативдик протоколуна кошулуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, «Кыйноолордун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркты басмырлаган мамилени же жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борбор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жокко чыгарып гана тим болбостон, Кыргыз Республикасынын саясий аброюн жоготууга алып келээрин баса белгилейт.

Өтө жагымсыз болгон дагы бир фактыга токтолсок, ал - жакында эле КР Акыйкатчысынын (ээлеген кызматы боюнча - Улуттук борбордун Координациялык кеңешинин мүчөсү) Координациялык кеңешинин мүчөлөрүн шайлоонун жана Улуттук борбордун директорун дайындоонун мыйзамдуулугун текшерүү боюнча Жогорку Кеңештин убактылуу комиссиясын түзүү тууралуу арыз менен кайрылуусу. Улуттук борбор, өз кезегинде, дал ушул кайрылууну негизсиз жана өз мыйзамдуулугуна тиешелүү күмөн саноо үчүн жетиштүү жүйөлөрү жок деп баалагандыгын баса белгилеп кетебиз. Координациялык кеңешинин мүчөлөрүн шайлоого жана директорду дайындоого байланышкан бардык жол-жоболор колдонуудагы мыйзамдарга жана ички регламенттерге ылайык өткөрүлгөн.

Бирок сырткы органдардын киришүүсүн талап кылган ушул сыяктуу кайрылуулар өлкөдөгү адам укуктарын коргоо тутумуна болгон негизсиз ишенбестикти жаратышы мүмкүн. Белгилеп кетчү маанилүү жагдай, мындай иш-аракеттер коомдун адам укуктарын коргоонун азыркы тутумуна болгон ишенимин кетирет, бул болсо, өз кезегинде, мамлекеттик укук коргоо институттарын жалпы-жонунан кабылдоого терс таасир этет. Ал

эми аталган түзүмдөрдүн өз алдынчалыгы жана ачык-айкындыгы алардын ишиндеги негизги принцип болуп жаткандагы ушул шарттарда өзгөчө маанилүү.

## СУНУШТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫ

### БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин сунуштарын жүзөгө ашыруу боюнча 2024-2025-жылдарга карата иш-чаралар планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалымат

2024-жылдын 4-июлунда өткөрүлгөн Адам укуктары боюнча Координациялык кеңешинин (АУБТК) жыйынынын №2 Протоколунун 3-пунктуна ылайык, БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин сунуштарын жүзөгө ашыруу боюнча 2024-2025-жылдарга карата иш-чаралар планы (мындан ары - План) бекитилген, аларга байкоо жүргүзүү жана бирдиктүү маалымат берүү Улуттук борборго жүктөлгөн.

БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин сунуштарын натыйжалуу жана өз убагында жүзөгө ашыруу максатында Мекемелер аралык жумушу тобу (мындан ары - МАЖТ) түзүлгөн, анын курамына Улуттук борбордун, Жогорку соттун, Башкы прокуратуранын, Ички иштер министрлигинин, Саламаттык сактоо министрлигинин, Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин, Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин, Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматынын, Юстиция министрлигине караштуу Кайтаруу жана конвой кызматынын, Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматы, Акыйкатчы институтунун (Омбудсмендин) жана Адвокатуранын өкүлдөрү кирген.

Улуттук борбор МАЖТ мүчөлөрү өз алдынча жигердүү иш-аракеттениши үчүн аянтча түзүп берген. Алсак, 2024-жылдын 29-августунда жана 4-6-ноябрында МАЖТ тескөө учурашуулары болгон, анда мүчөлөр аткарылган иштин натыйжаларын көрсөтүштү, топ-тобу менен аткарылбай калган пункттарды ишкеш ашыруу маселелрин талкуулашты, ошондой эле андан аркы жумуштун артыкчылыктуу багыттарын аныкташты.

План 11 бөлүк жана 66 иш-чарадан куралган, 28и 2024-жылы аткарылышы керек эле. 2 – 2025-жыл ичи, 17 - 2024-2025-жылдарда жана 19 - дайыма. 2024-жылдын экинчи жарымынын жыйынтыгында 14 пункт (21%) аткарылган. Пландагы 35 пункт (53%) жарым-жартылай аткарылган же аткарылууда, 12 пункт (18%) аткарылган эмес жана 5 пункт боюнча (8%) маалымат берилбеген.

Пландын 2024-жылга карата бекитилген пункттары 32% аткарылган. 2024-жылдагы пункттардын көбү колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу, учурда алар аткарылууда же таптакыр аткарылган эмес. Аталган иш-чаралар өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. 2025-жылы МАЖТ ишин улантат.

### КАУБ мурдагы сунуштарын мамлекеттик органдар тарабынан аткарылышын талдоо

Улуттук борбордун 2023-жылдык баяндамасын кароонун жыйынтыгы менен 2024-жылдын 22-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши №2080-VII Токтомун кабыл алып, анда тийиштүү мамлекеттик органдарга Улуттук борбордун 30 сунуштамасынын аткарылышын максатка ылайыктуу деп белгиленген.

Аталган Токтомдо баяндалган сунуштамаларды аткаруу деңгээлин талдоо көрсөткөндөй, 2025-жылдын январына карата алардын 23% толук аткарылган, 13% жарым-жартылай аткарылган, 7% аткарылууда, 57% аткарылган эмес.

№2-таблица. Мамлекеттик органдар Улуттук борбордун сунуштамаларын аткарып жаткандыгынын абалы

| № | Мамлекеттик органдар | Сунуштардын саны | Аткарылган | Жарым-жартылай аткарылган | Аткарылып жатат | Аткарылган эмес |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | КР Министрлер Кабинети | 22 | 3 | 4 | 2 | 13 |
| 2 | КР Жогорку соту | 2 | 2 | - | - | - |
| 3 | КР Башкы прокуратурасы | 6 | 2 | - | - | 4 |
| Бардыгы: | | 30 | 7 | 4 | 2 | 17 |

## КОРУТУНДУ

Соңку жылдарда мамлекет кыйноолор менен катаал мамилеге каршы жана эркинен ажыратуу жана чектөө жайларындагы шарттарды жакшыртуу боюнча белгилүү чараларды көрүп келет. Ошентсе да, кармалгандарга карата дале болсо күч колдонулуп, аларга психологиялык басым кылынууда, ал эми эркинен ажыратуу жана чектөө жайларындагы шарттар ушул күнгө чейин эң төмөнкү талаптарга да жооп бербейт. Имараттар менен курулмалардын эскилиги жетип, турмуш-тиричилик жагынан камсыздоонун жоктугу, санитардык талаптардын аткарылбай жаткандыгы дале ачык бойдон калууда.

Эркинен ажыратуу жана чектөө жайларында кыйноолорду колдонуу дагы эле күн тартибинде, анткени күнөөлүү кызмат ээлери жоопко тартылбайт. Соңку он жылда бир дагы кызмат адамы соттолгон эмес, бул болсо кыйноолорду жана катаал мамилени колдонууну улантууга өбөлгө түзөт.

Камакка алуу эң четки чара болуш керек эле, бирок тажрыйба көрсөтүп тургандай, бул чара артыкбаш колдонулуп келет. Үй камагы, күрөө, эч жакка кетпөө жөнүндө колкат сыяктуу атаандаш чаралар болгонуна карабастан, камакка алуу эң көп колдонулат. 2024-жылы соттор 95% учурларда дал ушул чараны тандап алышкан. Эркинен ажыратуу жайларында камалгандардын өтө көбөйүп кетиши зордук-зомбулуктун жана адам укуктарын бузуу учурларын арттырат да, жапырт камакка алуубул тутумга андан да бетеркүч келтирип, камоо шарттарын катаалдатат; бул жагдайлар болсо камалгандарга катаал мамиле кылууну актап, «негиздүү» кылып көрсөтөт.

ЖАК мекемелеринде медициналык жардам берүүнүн сапаты мурдагы эле канаат кылбаган абалда. Ушул жагдай камалгандардын ден соолугун начарлатат, мунун өзү оорулуулардын көптүгүнөн жана дарылоонун татыксыз сапатынан көрүнүп турат. Ушул күнгө чейин ЖАК медициналык кызматын Саламаттык сактоо министрлигине бербей коюу абалды ого бетер курчутуп келет. Бул маселенин дале чечилбегендиги саламаттык сактоонун заманбап талаптарына жооп берүүгө тийиш болгон аталган кызматты кайра түзүп, жакшыртууга тоскоолдук кылып жатат.

Социалдык мекемелердеги жагымдуу өзгөрүштөргө карабастан, кадрлар абалы – эң көйгөйлүү маселелердин бири бойдон калууда. Тажрыйбалуу адистердин жетишсиздиги мындай мекемелер өз иш-милдетин толук кандуу аткарууга чынында эле жолтоо болуп жатат. Анын себептеринин бири – кызматкерлерди кызыктырууга болгон мамиленин жетишсиздиги. Бул көйгөйдү чечүү үчүн эмгек акыны гана жогорулатпастан, кесиптик өсүш жана кошумча окуунун тутумун түзүү, ошондой эле социалдык чөйрөдөгү кесиптердин макамын жогорулатуу кажет.

**СУНУШТАР**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна:**

1. «Кыйноолор», «Уруп-сабап кыйноо», «Бийликтен аша чабуу», «Кызмат абалын кыянаттык менен пайдалануу», «Көрсөтмө берүүгө мажбурлоо» беренелери боюнча кылмыш иштерин кароодогу соттук тажрыйбаны жалпылоо боюнча Жогорку соттун Пленумун өткөрүү.
2. Адам укуктарынын эл аралык стандарттары боюнча соттор үчүн утурумдук негизде көнүгүүлөрдү (тренингдерди) өткөрүү.
3. Соттор үчүн соттук териштирүүлөрдүн жүрүшүндө Стамбул протоколун колдонуу боюнча сунуштарды иштеп чыгаруу.

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:**

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 137-беренесин («Кыйноолор») аталган кылмыштын субъекттеринин алкагын «расмий макамындагы адамдар» менен толуктап, БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясынын 1-беренесинде камтылган бардык элементтерине ылайык келтирүү
2. Кылмыш-жаза кодексине катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле үчүн кылмыш жоопкерчилигин белгилеген жобону киргизүүнү кароо.
3. КЖПК 494-беренесинин 1-бөлүгүн «КР КАУБ Координациялык кеңешинин кызматкерлерин жана мүчөлөрүн» деген пункт менен толуктап, Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин «Кыйноолордун жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле же жазалоо түрлөрүнүн алдын алуу боюнча улуттук борбор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесине ылайык келтирүү.
4. Кылмыш-жаза кодексин Улуттук борбордун Координациялык кеңешинин кызматкерлери жана мүчөлөрү өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырып жатканда аларга кандай гана түрдө болбосун тоскоолдук кылуу үчүн кылмыш жоопкерчилигин белгилеген берене менен толуктап, КЖКти «Кыйноолордун жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле же жазалоо түрлөрүнүн алдын алуу боюнча улуттук борбор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине ылайык келтирүү.
5. ИИБ УКЖда кармап туруу мөөнөттөрүнө жана айыпталуучуларды өз убагында тергөө абактарына которуу үстүнөн көзөмөлдү күчөтүү.
6. Кылмыштар жонүндөгү мыйзамдар топтомунда «Кыйноолордун жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле же жазалоо түрлөрүн натыйжалуу медициналык күбөлөндүрүү боюнча колдонмо» (Стамбул протоколу) процесстик макамын бекитүү.
7. Кыйноолорду иликтөө стандарттары боюнча (Стамбул протоколу) прокурорлорду атайын окутуу.
8. Кыйноолор жана башка катаал мамиле боюнча соттук-медициналык жана соттук психологиялык-психиатриялык экспертизалардын сапатын жана дайындоо мөөнөттөрүн көзөмөлдөөнү күчөтүү.
9. Эркинен ажыратуу жайларында кармалган адамдар аларга карата кыйноолор/катаал мамиле колдонгондугу жөнүндө билдирүү кылгандан кийин аларды коргоо боюнча натыйжалуу жол-жоболорду иштеп чыгуу.
10. Укук коргоо органдары 2024-жылы өткөргөн колго түшүрүү учурларында атайын багыттагы топторду тартуунун жана ошондо күч колдонуунун ченемдигинин мыйзамдыгын жана негиздүүлүгүн текшерүү.
11. Ыктымалдуу болгон катаал, ырайымсыз мамиле учурларын өзгөчө эске алып, камакта кармоонун шарттарына карата прокурордук көзөмөлдү күчөтүү.

**Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине:**

1. Кыйноолор жана катаал мамиле учурлары боюнча соттук-медициналык жана соттук психологиялык-психиатриялык экспертизаларды өткөрүүдө алардын сапаты жана мөөнөтү үстүнөн көзөмөлдү күчөтүү.
2. Өлкөнүн алыскы аймактарындагы калкты кесиптик укуктук жардам менен камсыздоо максатында Мамлекет кепилдик кылган юридикалык жардам реестриндеги адвокаттардын санын көбөйтүү.
3. Кыйноолор боюнча кылмыш иштерин кароодо жабырлануучулар үчүн акысыз юридикалык жардамды кол жетээрлик кылуу.

**Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине:**

1. Кармалган адамды ар бир жолу ИИБ УКЖна киргизгенде КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2020-жылдын 24-мартында №190 буйругу менен бекитилген Кармалган адамды медициналык кароодон өткөрүүнүн үлгүсүн толтурууну камсыз кылуу.
2. УКЖ камераларын жертөлөлөрдө жана жарым-жартылай жертөлө жерлерде (цоколь кабаты) жайгаштырууга жол бербөө.
3. УКЖ штаттарын аял медиктер жана башка тийиштүү аял кызматкерлер менен толуктоо.
4. Бардык УКЖда үч жолку ысык тамактанууну уюштуруу.
5. Тергөөдө камалгандарды кайтарып коштоодо жана сот процессинде ысык тамак менен камсыз кылуу.
6. Бардык УКЖды ал жерде кармалган адамдардын жууркан-төшөктөрүн жана кийим-кечек, буюм-тайымдарын жууп туруу үчүн кир жуугуч бөлмөлөрдү ачуу, кир жуугуч машиналар менен жабдуу.
7. Ички иштер органдарынын аймактык бөлүктөрүндөгү атайын кабыл алуу бөлмөлөрдөгү жана нөөмөт бөлүмдөрүнүн алдындагы бөлмөлөрдөгү шарттарды мыйзамдардын талабына ылайык келтирүү.
8. Мындан ары колдонууга жараксыз болгондугуна, ошондой эле кызматкерлердин жана кармалган адамдардын өмүрүнө коркунуч туудургандыгына байланыштуу Бишкек шаардык ИИББ УКЖ имаратын колдонууну токтотуу.
9. ИИБ УКЖда камалгандарды белгиленген мөөнөттөрдөн ашыра кармоо тажрыйбасын жокко чыгаруу.
10. Кыйноолорду колдонуу ыктымалдыгы болгон бөлмөлөрдүн баарында милдеттүү түрдө видеобайкоону киргизүү.
11. ИИМ кызматкерлери үчүн утурумдук негизде адам укуктары жана зордук-зомбулуксуз суракка алуу ыкмалары боюнча көнүгүүлөрдү (трениңдерди) уюштуруу

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына:**

1. Талас жана Баткен облустарында тергөө абактарын ачуу маселесин караштыруу.
2. Медицина кызматын жаза аткаруу тутумунан Саламаттык сактоо министрликтин карамагына өткөрүп берүү.
3. Айыптык камак жайларын (ШИЗО/ПКТ) кармоонун эң төмөнкү талаптарынан кем эмес абалга келтирип, капиталдык оңдоп-түзөө иштерин өткөрүү.
4. ЖАК мекемелеринин бардыгында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн тийиштүү шарттарды түзүп берүү.

5. Камакка алынып, тергөөдөгү жана соттолгон жашы жете элек кыздарга алардын жалпы билим алуусун камсыз кылуу.
6. Тергөө абактардагы жана түзөтүү мекемелеринде камералардын жертөлөлөрдө жана жарым-жартылай жертөлө жерлерде (цоколь кабаты) жайгаштырууну токтотуу.
7. Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги менен бирге камакка алынгандардын жана соттолгондордун майыптуулук, пенсия жана социалдык жөлөк каражат көйгөйлөрүн чечүү жана тийиштүү жол-жоболорун бүтүрүү багытында иш жүргүзүү.
8. Эркинен ажыратуу жана чектөө жайларында камалып, ошол жерде өлүп калган адамдардын өлүмүн толук жана калыс тергөөнү өткөрүү.
9. Айыпталуучунун же соттолгон адамдын жактоочусу менен канча жолу болсо да жана мөөнөтүн чектебей жалгыз жолугушууларын камсыз кылуу.
10. Кыйноолорду жана катаал мамилени колдонуу ыктымалдыгы бар бөлмөлөрдүн баарында милдеттүү видеобайкоо уюштуруу тажрыйбасын киргизүү.
11. ЖАК кызматкерлерине камалгандар менен зордук-зомбулуксуз өз ара иш-аракеттенүү ыкмаларына үйрөтүү.
12. Тергөөдө камалгандарды конвой коштоп жүргөндө жана сот процесстеринде тамак-аш менен камсыз кылуу.
13. Кармалган адамдарды атайын автомобилдерде конвойдун коштоосунда алып бара жатканда жок дегенде эң төмөнкү шарттардын аткарылышын камсыз кылуу. Камалган аялдарды камалган эркектер менен бир эле машинада, ошондой эле жалаң эркек кызматкерлердин коштоосунда кайтарып ташуу тажрыйбасын жокко чыгаруу.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине:**

1. Психиатриялык жана наркологиялык мекемелерде тамактануунун нормаларын жана сапатын кайра карап чыгуу.
2. Жабык мекемелерде, менчик түрүнө жана тиешелигине карабастан, эпидемиологиялык, санитардык-гигиеналык нормалардын жана ички тартип эрежелерди сактоо үстүнөн көзөмөл жана байкоо жүргүзүүнү камсыз кылуу.
3. Жаза аткаруу тутумундагы Медициналык кызматты Саламаттык сактоо министрлигине кабыл алуу.
4. Медициналык кызматкерлерди Стамбул протоколунун эрежелери боюнча медициналык кароону өткөрүүгө жана №003-3у үлгүсүн толтурууга үйрөтүү.
5. Кыйноолор жана башка катаал мамиле боюнча соттук-медициналык жана соттук психологиялык-психиатриялык экспертизалардын сапатын жана дайындоо мөөнөттөрүн көзөмөлдөөнү күчөтүү.
6. Бардык психиатриялык жана наркологиялык мекемелерде видеобайкоо камераларын орнотуу.

**Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине:**

1. Аскердик гарнизондордо тергөөдө камалган аскер кызматкерлерин кармоо үчүн жок дегенде эң төмөнкү талаптарга жооп берген жаңы мекемелердин курулушун караштыруу.
2. Гауптвахталарда тергөөдө камалгандар менен укук бузуучуларды, ошондой эле аскер кызматкерлер менен жарандарды бирге кармоо тажрыйбасын жокко чыгаруу.
3. Гауптвахталардын кызматкерлерин «БУУнун Камалгандарга мамиле кылуунун эң төмөнкү стандарттык эрежелери (Нельсон Мандела эрежелери)» боюнча утурумдук негизде окутуу.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине:**

1. Балдардын тамактануу нормаларын жана сапатын кайра карап чыгуу.
2. Жатак түрүндөгү бардык мекемелерде санитариялык-гигиеналык шарттарды жакшыртуу.
3. Жатак түрүндөгү бардык мекемелерде видеобайкоо камераларын орнотуу

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

1. Утурумдук негизде социалдык стационардык мекемелеринин (ССМ) кызматкерлерин социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөөчүлөрүндө урматтоо жана адамкерчилик мамилеге укугу бар экендигине үйрөтүү.
2. «Айыптык изолятор» сыяктуу бөлмөлөрдү жазалоо максатында пайдалануу тажрыйбасын жокко чыгаруу.
3. Бардык социалдык стационардык мекемелерде видеобайкоо камераларын орнотуу.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

1. Улуттук борбордун материалдык-техникалык базасын жана кызматкерлердин социалдык, турмуш-тиричилик шарттарын жакшыртуу максатында бюджетин көбөйтүү.

**ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ**

Отчеттук мезгил 2024-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин
Ченөө бирдиги: сом

| Көрсөткүчтөр | Статьялардын коду | Бир жылга бекитилген | Такталды | Чыгымдар |
|---|---|---|---|---|
| **Чыгымдар** | | | | |
| **Эмгек акы** | 2111 | **20 849 500,00** | **25 522 300,00** | **25 293 608,64** |
| Негизги эмгекакы | 211111 | 0 | 0 | 21 134 192,40 |
| Кошумча акы | 211112 | 0 | 0 | 2 727 854,11 |
| Кошумча төлөөлөр жана компенсациялар | 211113 | 0 | 0 | 1 431 562,13 |
| **Социалдык фондго төлөмдөр** | 2121 | **3 122 700,00** | **3 551 300,00** | **3 439 751,11** |
| Пенсия фондуна төлөмдөр | 212111 | 0 | 0 | 3 439 751,11 |
| **Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү** | 2211 | **1 053 700,00** | **1 053 700,00** | **1 053 699,96** |
| Транспорттук чыгашалар | 221111 | 0 | 0 | 308 097,96 |
| Мейманкана чыгашасы | 221112 | 0 | 0 | 378 020,00 |
| Суткалык чыгаша | 221113 | 0 | 0 | 367 582,00 |
| **Байланыш кызматын көрсөтүү** | 2212 | **404 000,00** | **434 000,00** | **433 400,00** |
| Телефондук кызмат көрсөтүү жана факсимилдик | 221221 | 0 | 0 | 32 000,00 |
| Уюлдук байланыш кызматын көрсөтүү | 221222 | 0 | 0 | 180 000,00 |
| Фельдъегердик байланыш кызматын көрсөтүү | 221223 | 0 | 0 | 10 000,00 |
| Почтолук байланыш кызматын көрсөтүү | 221224 | 0 | 0 | 47 000,00 |
| Дагы башка байланыш кызматын көрсөтүү | 221229 | 0 | 0 | 164 400,00 |
| **Ижара акысы** | 2213 | **150 300,00** | **250 300,00** | **244 817,71** |
| Имараттардын жана жайлардын ижарасы | 221311 | 0 | 0 | 244 817,71 |
| **Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр** | 2214 | **270 000,00** | **295 000,00** | **291 071,52** |
| Бензин, дизель жана башка күйүүчү майлар | 221411 | 0 | 0 | 229 971,52 |
| Запастык бөлүктөрдү алуу | 221412 | 0 | 0 | 61 100,00 |
| **Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу** | 2215 | **299 500,00** | **324 500,00** | **316 520,00** |
| Маалымат технологияларынын тармагындагы | 221514 | 0 | 0 | 98 880,00 |
| Бланктарды, медальдарды, значокторду даярдоо | 221542 | 0 | 0 | 23 100,00 |
| Маалыматтык-коммуникациялык кызматтарды | 221543 | 0 | 0 | 41 671,00 |
| Башка кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө менен | 221549 | 0 | 0 | 152 869,00 |
| **Учурдагы чарбалык максаттар үчүн** | 2222 | **91 800,00** | **91 800,00** | **90 673,52** |
| Жабдууларды жана материалдарды сатып алуу | 222211 | 0 | 0 | 55 041,52 |
| Учурдагы чарбалык максаттар үчүн башка | 222212 | 0 | 0 | 35 632,00 |
| **Коммуналдык кызматтар** | 2231 | **811 200,00** | **1 338 600,00** | **1 338 600,00** |
| Сууга акы | 223111 | 0 | 0 | 129 532,00 |
| Электр энергиясына акы | 223112 | 0 | 0 | 274 779,00 |
| Жылуулук энергиясына акы | 223113 | 0 | 0 | 934 289,00 |
| **Машиналар жана камсыз кылуулар** | 3112 | **304 000,00** | **636 200,00** | **553 836,00** |
| Эмеректерди алуу | 311232 | | | 95 000,00 |
| Кеңсе камсыз кылууларын алуу | 311232 | | | 422 936,00 |
| Компьютерлердин камсыз кылууларын алуу | 311232 | | | 35 900,00 |
| **Баардык чыгымдар** | | **27 356 700,00** | **33 497 700,00** | **33 055 978,46** |